**hook ['huk]** *n.* иймек, илгич, кайырмак; *v.* 1. ий, ил 2. кайырмак менен карма; ♦ **hook-nosed** кочкор тумшук

**hooked ['hukt]** *adj.* куш мурун, кочкор тумшук

**hooligan ['hu:lIgqn]** *adj./n.* ээн баш, зөөкүр, хулиган

**hooliganism ['hu:lIgqnIz(q)m]** *n.* зөөкүрдүүлүк

**hoop I [hu:p]** *n.* кырчоо

**hoop II [hu:p]** *n.* тутка, кулак, сап

**hooter ['hu:tq]** *n.* гудок

**hope ['houp]** *n.* үмүт, медер; *v.* үмүттөн, үмүт кыл, ишен, күт

**hopeless ['houplIs]** *adj.* 1. үмүтсүздүк, үмүтү жок; 2. амалсыз, айласыз

**hopelessness ['hqVplIsnIs]** *n.* амалсыздык, үмүтсүздүк

**horizon [hq'raIzn]** *n.* горизонт

**horizontal ["h0rI'z0ntl]** *n./adj.* горизонталь, горизонталдык

**horn [h0:n]** *n.* 1. **(of cattle)** мүйүз; **I took the bull by the horns** мен буканы мүйүздөн алдым. 2. валторна; 3. **(warning device)** ышкырык, гудок (эскертүү үчүн); 4. **the horn** тоонун тумшугу

**horrible ['h0rqbl]** *adj.* өтө коркунучтуу

**horse ['h0:s]** *n.* ат, жылкы; ♦ **horse equine** ат жалы; **horse breeder** жылкычы, жылкы өстүрүүчү адам; **horse breeding** жылкы өстүрүүчүлүк, асыл тукум жылкыларды өстүрүү; **horse doctor** жылкыны дарылоочу адам; **horse races** ат чабыш, ат жарыш; **horse stealing** жылкы уурдоочулук; **horse thief** жылкы ууру; **horse man, rider, jockey** чабандес

**horsefly ['h0:sflaI]** *n.* көгөн

**horsefly man ['h0:sflaI mxn]** *n.* чабандес, атчан

**horseshoe ['h0:sSu:]** *n.* така

**horsewhip ['h0:swip]** *n.* камчы

**horsewoman ['h0:s"wumqn]** *n.* атчы аял

**horticultur(al)ist ["h0tI'kAltS(q)rIst]** *n.* бакчы

**horticulture ['h0:tI"kAltSq]** *n.* бакчылык, бак өстүрүү

**hospitable ['h0spItqbl]** *adj.* меймандос, сыйкор

**hospital ['h0spItl]** *n.* оорукана, бейтапкана

**hospitality ["h0spI'txlItI]** *n.* меймандостук, сыйкордук

**hostel ['h0st(q)l]** *n.* жатакана

**hostess ['houstIs]** *n.* үйдүн ээси

**hostile ['h0staIl]** *adj.* кастык, душмандык, жоолук; *n.* душман, кас, жоо

**hostility [h0s'tIlItI]** *n.* кастык, душмандык, душманчылык

**hot ['h0t]** *adj.* 1. ысык; **I am hot** мен ысып жатам; **a hot day** ысык күн; **in the hot seat** ийненин учуна отургандай; 2. **(spicy)** курч, күчтүү. 3. **(ardent) hot on the scent, trail** ысык из менен; 4. **(angry)** ачуулуу. 5. **(excited)** тынчсызданган; 6. **(fresh)** жаңы; **hot money** "жаңы акча"; **hot news** жаңы кабар; 7. **(emergency): hot line** түз

телефондук байланыш; **hot, sultry, torrid, burning** ысык, какшыма; **hot, torrid, tropical** ысык; *adv.* **(uses) I gave it him hot and strong** мен аны ойдогудай жемеледим; *v.* **(heat up)** ысыт, жылыт, кызыт; ♦ **the game heated up** оюн кызый баштады; **hot-tempered** ачуусу чукул, ачуулуу; **hot water bottle** грелка ысыткыч

**hotbed ['h0tbed]** *n.* парник

**hotel [ho(u)'tel]** *n.* мейманкана, коноккана

**hound [haund]** *n.* тайган, аңчы ит

**hour ['auq]** *n.* 1. саат, убакыт; **it will take me an hour** мага бир саат керек; **he works an 8 hour day** анын иш күнү 8 саат, ал 8 саат иштейт; **hour after hour** саат сайын. 2. **(of clock-time) every hour on the hour** ар бир сааттын башында; **every hour on the half-hour** ар бир сааттын ортосунда; 3. **(time of day or night): we are open at all hours** 24 саат бою, күнү-түнү иштейт; **at an early hour** эрте, өтө эрте; **they keep late hours** алар кеч жатып, кеч турат; **regardless of the hour** каалаган саатта, убакта. 4. **(specific period of time): ♦ our working hours are long** биздин жумуш убактыбыз узак; **he worked through his lunch hour** ал түшкү тамак убактысында да иштеди; **in office hours** иштөө убактысы; **out of hours** танапис; **after hours** иш убактысынан кийин; **hour-glass** кум саат

**hourly ['auqlI]** *adv.* саат сайын

**house [haus]** *n.* 1. **(habitation)** үй, имарат; **turn someone out of house and home** бирөөнү үйдөн кубалап чык; **public house** паб, мейманкана; **boarding school** интернат**;** 2. **(audience)** зал, аудитория; **they played to a full house** аларга көрүүчүлөр көп келишти; 3. **(dynasty)** династия. 4. **(business concern)** мекеме, фирма; ♦ **house management (committee)** үй башкармасы; **house dog** короочу ит; **household, house register, register of tenants** үй китеби; **house owner, land lord** үй ээси, жер ээси; **house painter, decorator** үй жасалгалоочу

**housekeeper ['haus"ki:pq]** *n.* экономка

**housemaid ['hausmeId]** *n.* үй кызматчысы

**housewife ['hauswaIf]** *n.* үй кожейке

**housing ['hauzIN]** *n.* турак жай, турак үй курулушу; ♦ **housing department** турак үйлөр бөлүмү

**hovel ['h0v(q)l]** *n.* алачык, күркө

**how [hau]** *adv.* кандай, канаке, кантип, кандайча

**however [hau'evq]** *adv.* ошондой болсо да, бирок
**howitzer ['hauItsq]** *n.* замбирек
**howl ['haul]** *v.* бакыр, ул; *n.* бакыруу, улуу
**huckleberry ['hAklberI]** *n.* кара бүлдүркөн
**huckster ['hAkstq]** *n.* соодагер
**huddle ['hAdl]** *v.* корголо, ыкта
**hue [hju:]** *n.* түс
**huffy ['hAfI]** *adj.* таарынчаак
**hug [hAg]** *n.* кучак; *v.* кучакта
**huge ['hju:dZ]** *adj.* ири, эң чоң, эң көп, эбегейсиз зор
**hum [hAm]** *v.* зуулда, ызылда
**human I ['hju:mqn]** *n.* киши, адам, адам тукуму
**human II ['hju:mqn]** *adj.* адамдык
**humane [hju:'meIn]** *adj.* гумандуу, адамгерчиликтүү
**humanism ['hju:mqnIz(q)m]** *n.* гуманизм
**humanist ['hju:mqnIst]** *n.* гуманист
**humanity [hju:'mxnItI]** *n.* гумандуулук, адамзат
**humble ['hAmbl]** *adj.* жоош, момун
**humid ['hju:mId]** *adj.* нымдуу
**humidity [hju:'mIdItI]** *n.* нымдуулук, нымсактык
**humiliate [hju:'mIlIeIt]** *v.* кемсинт, кордо
**humiliation [hju:"mIlI'eIS(q)n]** *n.* кемсинтүү, кордоо
**hummock ['hAmqk]** *n.* саздуу жердеги өңгүл-дөңгүл
**humorist ['hju:mqrIst]** *n.* куудул, күлдүргүч
**humorous ['hju:mqrqs]** *adj.* юмордуу, күлкүлүү
**humor ['hju:mq]** *n.* юмор, көңүл, шыктануу
**hump ['hAmp]** *n.* бүкүр, өркөч
**humpbacked ['hAntSbxkt]** *adj.* бүкүр
**hunchback ['hAntSbxk]** *n.* бүкүр эркек
**hundred ['hAndrqd]** *num.* жүз
**hundredfold ['hAndrqdfould]** *n.* жүз эсе
**Hungarian [hAn'gFqrIqn]** *adj.* Венгирлик
**Hungary ['hANgqrI]** *geog.* Венгрия
**hunger ['hANgq]** *n.* 1. ачкалык, ачкачылык 2. ачарчылык; *v.* ач бол, ачка бол
**hungry ['hANgrI]** *adj.* ач, ачка

**hunt ['hAnt]** *v.* уула
**hunter ['hAntq]** *n.* мерген, аңчы, уучу
**hunting ['hAntIN]** *n.* аң, уу, уучулук, уулоо, мергенчилик
**huntsman ['hAntsmqn]** *n.* аңчы, уучу
**hurl [hq:l]** *v.* ташта, ыргыт
**hurricane ['hArIkqn]** *n.* катуу шамал, аркыраган шамал
**hurriedly ['hArIdlI]** *adv.* шашып-бушуп, шашкалактап
**hurry ['hArI]** *v.* шаш, шаштыр
**hurt [hq:t]** *v.* ооруу, оорут; *n.* ооруу
**husband ['hAzbqnd]** *n.* эр, күйөө
**husk [hAsk]** *n.* кабык, кебек, тыпын; *v.* акта
**husked rice [hAsktraIs]** *n.* күрүч
**hut [hAt]** *n.* кепе, барак
**hybrid ['haIbrId]** *n.* гибрид, аргын
**hydraulics [haI'dr0:lIks]** *n.* гидравлика
**hydro ['haIdrq]** *n.* гидро
**hydrocarbon ['haIdro(u)'kQ:bqn]** *n.* углеводород
**hydrogen ['haIdrIdZ(q)n]** *n.* суутек
**hydrophobia ["haIdrq'foubjq]** *n.* кутурма ооруу, кутурма
**hyena [haI'i:nq]** *n.* гиена
**hygiene ['haIdZi:n]** *n.* гигиена
**hymn [hIm]** *n.* гимн
**hyperbole [haI'pq:bqlI]** *n.* гипербола
**hyperbolical ["haIpq'b0lIk(q)l]** *adj.* гиперболалык
**hyphen ['haIf(q)n]** *n.* сызыкча, тире
**hypnosis [hIp'nousIs]** *n.* гипноз
**hypnotic [hIp'n0tIk]** *adj.* гипноздук
**hypnotize ['hIpnqtaIz]** *v.* гипноздо
**hypocrisy [hI'p0krqsI]** *n.* эки жүздүүлүк
**hypocrite ['hIp0krIt]** *adj.* эки жүздүү, анткор
**hypocritical ["hIpq'krItIk(q)l]** *adj.* куйту, анткор
**hypothesis [haI'p0TIsIs]** *n.* гипотеза, илимий божомол *adj.* жорума
**hypothetical ["haIpo(u)'TetIk(q)l]** *adj.* гипотезалык, божомолдуу
**hysteria [hIs'tIqrIq]** *n.* истерия

**hysterical [hIs'terIk(q)l]** *adj.* истериялык, истериялуу; ♦ **hysterical man** истерик эркек; **hysterical woman** истерик аял

**hysterics [hIs'terIks]** *n.* истерика

# I

**I ['aI]** ***pro.*** мен; ♦ **it is me** бул мен; **he and I were there** ал жана мен аякта болдук; **me too** мен дагы; **he is older than I** ал мага караганда улуу.

**ice ['aIs]** *n.* муз; ♦ **black ice** тайгалак; **he broke the ice** ал музду сындырды; **he is skating on thin ice** ал от менен ойноп жатат; **the proposal was kept on ice** долбоор токтоп калды; *v.* 1. муздат. 2. **(cover with ice)** муз менен бастыр

**iceberg ['aIsbq:g]** *n.* айсберг

**ice cream ["aIs'kri:m]** *n.* балмуздак, балкаймак

**Iceland ['aIslqnd]** *geog.* Исландия

**Icelander ['aIslqndq]** *n.* Исландиялык

**icelandic [aIs'lxndIk]** *adj.* исландия

**icon ['aIk0n]** *n.* икона

**idea [aI'dIq]** *n.* идея, ой, түшүнүк

**ideal [aI'dIql]** *n./adj.* идеал, үлгүлүү

**idealism [aI'dIqlIz(q)m]** *n.* идеализм

**idealist [aI'dIqlIst]** *n.* идеалист

**idealistic [aI'dIqlIstik]** *adj.* идеалдуу

**idealize [aI'dIqlaIz]** *v.* идеализацияла

**identical [aI'dentIk(q)l]** *adj.* окшош, бирдей

**identification [aI"dentIfI'keIS(q)n]** *n.* идентификация

**identify [aI'dentIfaI]** *v.* идентификацияла; тааны

**ideological ["aIdIq'l0dZIk(q)l]** *adj.* идеялык, идеологиялык

**ideologist ["aIdI'0lqdZIst]** *n.* идеолог

**ideology ["aIdI'0lqdZI]** *n.* идеология

**idiocy ['IdIqm]** *n.* келесоолук, акмакчылык

**idiom ["IdIqm]** *n.* идиома

**idiomatic ["IdIq'mxtIk]** *adj.* идиомалык

**idiot ['IdIqt]** *n.* акмак, келесоо

**idiotic ["IdI'0tIk]** *adj.* келесоолук, акмактык

**idle ['aIdl]** *v.* бекер/бош жүр

**idler ['aIdlq]** *n.* бекерчи, жалкоо

**idol ['aIdl]** *n.* моло таш

**idolize ['aIdqlaIz]** *v.* кудай деп бил

**if [If]** *n.* **I want no ifs and buts** мен эч кандай жок шылтоолорду уккум келбейт; ♦ *conj.* 1. **(condition or supposition)** эгер, эгерде; **if he is reading** эгер ал окуса; **if he were reading** эгерде ал окуганда; **if he comes** эгер ал келсе; **if I were you …** сенин ордунда болгондо …; **if so** мындай, ошондой болсо; **if only they arrive in time!** эгер, алар убагында келгенде …; **if only I had known!** эгерде мен билгенимде!; **he talks as if he were the boss** ал чоң болгондой сүйлөйт; **as if by chance** кокусунан эле болгондой; **as if you didn't know!** билбей калгандай!; **even if** эгерде, андай болсо. 2. **(though)** – са да, менен да; **if they are poor, they are nevertheless happy** алар кедей болсо да, бактылуу турушат, кедей, ошондой болсо да, бактылуу; 3. **(whether): do you know if he is at home?** сиз анын үйдө экенин билбейсизби?, анын үйүндө экенин биле албадыңызбы; **if, as soon as** так ошол заматта, так ошол убакта

**ignite [Ig'naIt]** *v.* тутандыр

**ignoble [Ig'noubl]** *adj.* эки жүздүү, митаам, кара ниет

**ignoramus ["Ignq'reImqs]** *n.* маданиятсыз, билимсиз, түркөйү, наадан

**ignorance ['Ign(q)r(q)ns]** *n.* билбегендик, билимсиздик, маданиятсыздык

**ignorance ['Ignqrqns]** *n.* караңгылык

**ignorant (of) ['Ign(q)r(q)nt]** *adj.* кабардар эмес; билбеген, билбес; маданиятсыз, билимсиз

**ignorant ['Ignqrqnt]** *adj.* караңгы

**ignore [Ig'n0:]** *v.* тоотпо, тоготпо, этибар кылба

**ill [Il]** *n.* 1. **(evil, harm)** жамандык, кастык; **I meant him no ill** мен ага жамандык каалаган жокмун. 2. **(misfortunes)** кырсык, бактысыздык, балээ; 3. **(unwell)** оору, кесел; **he looks ill** ал оорулуудай көрүнөт; **I feel ill** мен ооруп жатам; мен өзүмдү жаман сезип жатам; *adj.* 1. кеселдүү, сыркоолуу, ооруу 2. **(bad)** жаман, начар -сыз; ♦ **ill fortune** бактысыздык, шор; **ill health** оорукчандык, кеселдик; **ill breeding, bad manners** тарбиясыз дык, адепсиздик, ыймансыздык; **ill-bred** тарбиясыз, адепсиз, тартипсиз; **ill-disposed**

**(towards), unwilling (to)** жактырбаган; **ill-fated, ill-starred** бактысыз, кара жолтой; **ill-informed** көп тааныш эмес; **ill-intentioned** жаман ниетүү, арам ойлуу; **ill-luck** бактысыздык, жолу болбогондук; **ill-wisher** кара санатай; **ill-bred** тарбиясыз, тарбиясы жок

**illegal [I'li:g(q)l]** *adj.* законсуз, мыйзамсыз, законго каршы, легалсыз

**illegality ["Ili:'gxlItI]** *n.* легалсыздык, мыйзамсыздык, законго каршылык

**illegible [I'ledZqbl]** *adj.* даана эмес, ачык эмес

**illicit [I'lIsIt]** *adj.* уруксат кылынбаган

**illiteracy [I'lIt(q)rqsI]** *n.* сабатсыздык

**illiterate [I'lIt(q)rIt]** *n.* сабатсыздык, сабатсыз

**illness ['IlnIs]** *n.* оору, дарт, кесел, сыркоо

**illogical [I'l0dZIk(q)l]** *adj.* логикасыз, логикасы жок

**illuminate [I'lju:mIneIt]** *v.* жарык кыл

**illumination [I"lju:mI'neIS(q)n]** *n.* жарык кылуу

**illusion [I'lu:Z(q)n]** *n.* иллюзия

**illustration ["Ilqs'treIS(q)n]** *n.* 1. иллюстрация 2. сүрөттөө

**illustrative ['IlqstreItIv]** *adj.* иллюстрациялуу

**image ['ImIdZ]** *n.* элес; *v.* элестетип көрсөт

**imaginary ['ImIdZ(q)rI]** *adj.* элестетилген

**imagination [I"mxdZI'neIS(q)n]** *n.* элестетүү

**imagine [I'mxdZIn]** *v.* элестет, көз алдыңа келтир

**imitate ['ImIteIt]** *v.* туура

**imitation ["ImI'teIS(q)n]** *n.* тууроо

**imitative ['ImItqtIv]** *n.* демилгелүүлүк

**imitator ['ImIteItq]** *n.* демилгечи

**immaterial ["Imq'tIqrIql]** *adj.* заттык эмес

**immeasurable [I'meZ(q)rqb(q)l]** *adj.* өлчөөсүз, сансыз, ченемсиз, өлчөнгүс, ченелгис

**immediate [I'mi:djqt]** *adj.* түздөн-түз, кезектүү, тике, тупадан-туура

**immediately [I'mi:djqtlI]** *adv.* токтоосу, заматта, дароо

**immemorial ["ImI'm0:rIql]** *adj.* байыркы замандан, эзелтен

**immense [I'mens]** *adj.* зор, эбегейсиз чоң, чексиз, ченеми жок, учу-кыйыры жок

**immerse [I'mE:s]** *v.* матыр
**immigrant ['ImIgr(q)nt]** *n.* иммигрант
**immigrate ['ImIgreIt]** *v.* иммиграция кыл
**immigration ["ImI'greIS(q)n]** *n.* иммиграция
**immobile [I'mqVbaIl]** *adj.* кыймылсыз
**immobility ["Imou'bIlItI]** *n.* кыймылдабастык
**immoderate [I'm0d(q)rIt]** *adj.* чексиз, чектен тыш
**immodest [I'm0dIst]** *adj.* абийирсиз, ыйбаасыз
**immodesty [I'm0dIsti]** *n.* абийирсиздик, ыйбаасыздык
**immoral [I'm0r(q)l]** *adj.* моралсыз, бузук
**immorality ["Imq'rxlItI]** *n.* моралсыздык, бузуктук
**immortal [I'm0:tl]** *adj.* өлбөс
**immortality ["Im0:'txlItI]** *n.* өлбөстүк
**immunity [I'mju:nItI]** *n.* иммунитет
**immutable [I'mju:tqbl]** *adj.* бузулгус
**impact ['Impxkt]** *n.* таасир
**impale ['Impeil]** *v.* жаруу, тешүү
**impartial [Im'pQ:S(q)l]** *adj.* калыс, эч кимге жан тартпаган
**impartiality [Im"pQ:SI'xlItI]** *n.* калыстык, адилеттик
**impassable [Im'pQ:sqbl]** *adj.* өтө алгыс, өткүс
**impasse [xm'pQ:s]** *n.* туюк
**impassioned [Im'pxS(q)nd]** *adj.* кумардуу, өтө берилген
**impassive [Im'pxsIv]** *adj.* кумарсыз
**impatience [Im'peIS(q)ns]** *n.* сабырсыздык
**impatient [Im'peIS(q)nt]** *v.* чыдаба; *adj.* чыдамсыз, сабырсыз
**impeach [Im'pi:tS]** *v.* айыпта, күнөөлө
**impeachment [Im'pi:tSmqnt]** *n.* импичмент
**impecunious [ImpI'kju:njqs]** *adj.* акчасыз, пулсуз
**impede [Im'pi:d]** *v.* жолто кыл/бол, тоскоол кыл/бол
**impenetrability [Im"penItrq'bIlItI]** *n.* өткөрбөстүк
**impenetrable [Im'penItrqbl]** *adj.* өткөргүс, өткөрбөс
**imperative [Im'perqtIv]** *n.* императив, буйрук ыңгай; *adj.* императивдүү
**imperceptible ["Impq'septqbl]** *adj.* билинбеген
**imperfect [Im'pq:fIkt]** *n.* имперфект
**imperial [Im'pIqrIql]** *adj.* Империялык

**imperialism [Im'pIqrIqlIzm]** *n.* империализм

**imperialist [Im'pIqrIqlIst]** *n.* империалист

**imperialist(ic) [Im"pIqrIq'lIstIk]** *adj.* империалисттик

**imperious [Im'pIqrIqs]** *adj.* өкүмчүл, буйрукчул

**imperishable [Im'perISqbl]** *adj.* чирибес, бузулбас

**impertinent [Im'pq:tInqnt]** *adj.* орой, осол

**imperturbable ["Impq:'tq:bqbl]** *adj.* камырабас, кебелбес

**impetuosity [Im"petju'0sItI]** *n.* шардык, ылдамдык

**impish ['ImpIS]** *adj.* тентек[N], шок[S]

**implacable [Im'plxkqbl]** *adj.* ээ-жаа бербеген

**implement ['ImplImqnt]** *v.* ишке ашыр; *n.* курал, жабдык, аспап

**implore [Im'pl0:]** *v.* суран, тилен

**imply [Im'plaI]** *v.* четин чыгар, кылтыйт

**impolite ["Impq'laIt]** *adj.* одоно

**imponderable [Im'p0nd(q)rqbl]** *adj.* салмаксыз, оордугу жок

**import ['Imp0:t]** *n.* импорт; **[Im'p0:t]** *v.* импортто, импорт кыл/жаса

**important [Im'p0:t(q)nt]** *adj.* маанилүү, маңыздуу

**importation ["Imp0:'teIS(q)n]** *n.* четтен келтирүү

**importunate [Im'p0:tjunIt]** *adj.* жадаткыч, тажаткыч, жадатма, тажатма

**importunity ["Imp0:'tju:nItI]** *n.* жадаткычтык

**impose [InI'pqVz]** *v.* таңуула

**imposing [Im'pouzIN]** *adj.* таңуулоо

**impossibility [Im"p0sq'bIlItI]** *n.* мүмкүн эместик

**impossible [Im'p0sqbl]** *adj.* мүмкүн эмес

**impotence ['Impqt(q)ns]** *n.* импотенция

**impotent ['Impqt(q)nt]** *adj.* импотент

**impoverish [Im'p0v(q)rIS]** *v.* жүдөт, аздыр

**impoverishment [Im'pPv(q)rISmqnt]** *n.* жакырдануу

**impracticable [Im'prxktIkqbl]** *adj.* ишке ашырылбас; иш жүзүнө ашпас, иш жүзүнө ашкыс

**imprecation ["ImprI'keIS(q)n]** *n.* каргыш, наалат

**impregnate ['ImpregneIt]** *v.* уруктант, уруктандыр

**impress [Im'pres]** *v.* таң калтыр

**impression [Im'preS(q)n]** *n.* таасир

**impressionable [Im'preSnqbl]** *adj.* бат таасирленүүчү

**imprint [Im'prInt]** *v.* 1. басып чыгар; 2. эсте тутуп кал, эсте сактап кал

**improbable [Im'pr0bqbl]** *adj.* чындыка окшобогон

**improper [Im'prPpq]** *adj.* жарамсыз, орунсуз, ылайыксыз

**improve [Im'pru:v]** *v.* жакшырт; түзөл, оңол

**improvement [Im'pru:vmqnt]** *n.* жакшыртуу, оңолуу, өсүү, өркүндөө

**improvidence [Im'pr0vId(q)ns]** *n.* келечегине карабагандык

**improvident [Im'pru:d(q)nt]** *adj.* келечегин карабаган

**imprudence ['Impjud(q)ns]** *n.* абайлабагандык

**imprudent ['Imprud(q)nt]** *adj.* этиятсыз

**impudence ['Impjud(q)ns]** *n.* бетсиздик, уятсыздык, бетпактык

**impudent ['Impjud(q)nt]** *adj.* бетсиз, уятсыз, бетпак

**impulse ['ImpAls]** *n.* импульс, түрткү

**impulsive [Im'pAlsIv]** *adj.* импульстуу

**impunity [Im'pju:nItI]** *n.* жазасыздык, жазаланбагандык

**in [In]** *n.* **he knows all the ins and outs** ал иштин көзүн, баарын билет; *adj.* **(fashionable)** белгилүү, модалуу; **he knows all the 'in' people** ал бардык «керектүү» адамдарды билет; *adv.* 1. **(at home)** үйдө; **tell them I'm not in** айтып койгула, мен үйдө жокмун; **the boss is not in yet** начальник али келген жок; **he has been in and out all day** ал күнү боюу тынбады. 2. **(inside)** ичинде, ичте; 3. **are you in on his plans?** анын планын билесизби?; *prep.* **(position)** -да, та; **(inhabited places) in Moscow** Москвада; **he is the best worker in the village** ал айылдагы эң иштермен адам; **(countries and territories): in France** Францияда; **(mountainous regions within Russia): in the Caucasus** Кавказда; **(mountainous regions elsewhere): in the Alps** альп тоолорунда; **(open spaces and flat areas): in the street** көчөдө; **in the country** айылда; **in the garden** бакта; **in the field** талаада; **(buildings): in the theater** театрда; **(places of learning): in school** мектепте; **in the university** университетте; **(places of work): in the factory** заводдо; **(activities): in the lesson** сабакта; **in the war** согушта; **(groups): in the crowd** тыгында; **(points of compass): in the (Far) East** Ыраакы Чыгышта; **(vehicles): they were travelling in his car** алар машина менен саякатташты; **(parts of body): hold this**

**in your hand** муну колуңузга кармаңыз; **she had a child in her arms** анын колунда баласы бар; **(natural phenomena): in the sun** күндө; **in the fresh air** таза абада; **in darkness** караңгыда; **in the rain** жаанда; **in the sky** асманда; **(books): in the Bible** Библияда; **(authors): in Shakespeare** Шекспирде; **(close to): she was sitting in the window** ал терезенин жанында отуруп-тур, ал терезеде отуруптур. **(motion)** –га, ка; **they arrived in the city** алар шаарга келишти; **look in the mirror** күзгүгө караңыз; **he threw the letter in the fire** ал катты отко таштады; **he whispered in my ear** ал кулагыма шыбырады. **(time)** -да; та; **in the 20th century** 20-кылымда; **in 1975** 1975-жылы; **in May** Майда; **in the future** келечекте; **in childhood** бала чакта; **in that period** ошол доордо; **in the sixties** 60-жылдарда; **in these days** ушул күндөрдө; **in the days of my youth** жаш кезимде; **in our day** биздин күндөрдө; **in my lifetime** менин жашоомдо, өмүрүмдө; **in peacetime** тынчтык убагында; **3 times in one day** күнүнө 3 жолу; **in the first minute of the game** оюндун биринчи убактысында; **(seasons): in spring** жазында; **(times of day): in the morning** эртең менен; **in the afternoon** түштөн кийин; **I shall finish this book in 3 days' time** бул китепти 3 күндө окуп бүтөм; **I haven't been there in the last 3 years** ал жерде акыркы 3 жылда болбодум; **I shall write the story in (the space of) 3 weeks** бул аңгемени 3 жумада жазам; **he wrote twice in one week** ал жумасына 3 жолу жазчу эле; **he completed it in 6 weeks** ал 6 жумада бүттү. **(condition, situation): in his absence** анын жогунда, ал жокто; **in his presence** анын барында, ал барда; **in these circumstances** бул шарттарда; **cry out in fear** коркконуңан кыйкырып жибер; **in place** ордунда; **in power** бийликте; **(dress): she was in white** ал аппак кийимчен эле; **(form; mode; arrangement; quantity): in pairs** жубу менен, эки-экиден; **they died in thousands** алар миңдеп өлгөн; **in writing** жазуу түрүндө; **in a row** катары менен; **in a circle** айланта, тегерете; **in short** кыскача, бир нече сөз менен; **(manner): in a whisper** шыбыш менен; **in a loud voice** катуу үн менен; **in detail** майда-чүйдөсүнө чейин; **in full** толук, толугу менен; **in part** бөлүп-бөлүп; **in secret** жашыруун; **in turn** кезеги менен; –ча; **(language): in Russian** орусча; **in several languages** бир нече тилде. **(material): a statue in marble** мрамордон айкел; **(contained in; inherent in): there are 7 days in a week** бир жумада 7 күн бар; **there's no sense in complaining** даттануудан пайда жок; **only 1 in every 10 survived** он

кишиден бирөө жашап калыптыр; **they differ in size but not in color** алар түсүнөн эмес, көлөмүнөн айырмаланат; **he was senior in rank** ал кызматы боюнча улуураак; **a lecture in anatomy** анатомиядан лекция; **an expert in economics** экономикадан адис; **strong in mathematics** математикадан кыйын; **weak in French** Француз тилинен начар; **blind in one eye** бир көзү көр; **poor in quality** начар сапатта; **he is young in appearance** ал сыртынан, көрүнүшүнөн жаш; **in my opinion** менин оюмча, менимче; **in a hurry** шашып, энтигип; **in a moment, instantly** көз ачып жумганча, көз ирмемде; **in a state of neglect** короосуз, ээн; **in abundance** моокуму канганча; **in addition** кошумча; **in addition, moreover** анын үстүнө, ал тургай, ал турмак; **in all, all told** бардыгы; **in all, altogether** бардыгы; **in an instant in a flash** көз ачып жумганча; **in defiance (of), counter (to)** каршыгып, эрегишип, атаандашып; **in every way possible** ар түрдүү жол менен; **in front, ahead** алды жактан, илгери жактан; **in future, henceforward** мындан ары, эми, мындан кийин; **in general, on the whole** жалпысынан, жалпы жөнүнөн; **in good time, well in advance** күн мурун, мурдатан**; in immense quantity** аябаган көп, эң эле көп; **in secret, privately** жашыруун, жең ичинен; **in spite of, despite, notwithstanding** карабастан; **in summer** жайында, жайкысын; **in the daytime, by day** күндүз, күндүзү; **in the end, finally, after all** аягында, акырында, соңунда; **in the evening** кечинде, кечкурун, кечиндеси; **in winter** кышында, кышкысын, кышындасы; **in-, un-, -less** *prefixes* жок, кем, -сыз

**inability ["Inq'bIlItI]** *n.* ыгын билбөө

**inaccessibility ["Inxk'sesqbiliti]** *adj.* бара алгыстык

**inaccessible ["Inxk'sesqbl]** *adj.* бара алгыс, кол жеткис

**inaccuracy [In'xkjurqsI]** *n.* так эместик

**inaccurate [In'xkjurIt]** *adj.* так эмес

**inaction [In'xkS(q)n]** *n.* аракетсиз

**inactive [In'xktIv]** *adj.* демилгесиз, кашаң, аракетсиздик

**inadequate [In'xdIkwIt]** *adj.* далилсиз

**inadmissible ["Inqd'mIsqbl]** *adj.* орой, одоно

**inalienable [In'eIljqnqbl]** *adj.* тартып алынбас

**inanimate [In'xnImIt]** *adj.* жансыз

**inapplicable [In'xplIkqbl]** *adj.* колдонулбас

**inappropriate ["Inq'prqVprIIt]** *adj.* жарамсыз, орунсуз, ылайыксыз

**inarticulate ["InQ:'tIkjulIt]** *adj.* балдыр-салдыр, ачык эмес

**inattention ["Inq'tenS(q)n]** *n.* ыкылассыздык

**inattentive ["Inq'tentIv]** *adj.* ыкылас койбогон, көңүл койбогон

**inaudibility [In'0:dqbiliti]** *n.* начар угулуу

**inaudible [In'0:dqbl]** *adj.* угулбаган

**inborn ["In'b0:n]** *adj.* тубаса

**incandescent ["Inkxn'desnt]** *adj.* кызытылган

**incapable [In'keIpqbl]** *adj.* жөндөмсүз

**incapacity ["Inkq'pxsItI]** *n.* жөндөмсүздүк

**incarnate [In'kQ:nIt]** *adj.* өтө, ашкан, барып турган

**incendiary [In'sendjqrI]** *adj.* тутандыруучу, жандыра турган, күйгүзө турган, өрттөй турган

**incense [In'sens]** *v.* каарыңы келтир

**incessant [In'sesnt]** *adj.* тынбаган, токтолбогон, тынымсыз, токтоосуз

**incest ['Insest]** *n.* кан аралашуу

**inch [IntS]** *n.* дюйм

**incident ['InsId(q)nt]** *n.* инцидент, окуя, кокустук, учур

**incite [In'saIt]** *v.* 1. кайраштыр, көкүт; 2. козго, козут

**inclement [In'klemqnt]** *adj.* каардуу, катуу

**inclination ["InklI'neIS(q)n]** *n.* ийкем, кынтык

**inclination ["InklI'neIS(q)n]** *n.* ийүү, эңкейүү

**incline [In'klaIn]** *v.* эңкей, эңкейт, жүгүн

**inclined [In'klaInd]** *adj.* ийкемдүү, оордук

**include [In'klu:d]** *v.* кош, киргиз, эсепке киргиз

**inclusion [In'klu:Z(q)n]** *n.* кошуу, киргизүү

**inclusive [In'klu:sIv]** *adv.* кошо эсептегенде, кошкондо

**incognito [In'k0gnItou]** *n./adv.* жашырын ат менен

**incoherent ["Inko(u)'hIqr(q)nt]** *adj.* байланышсыз

**income ['Inkqm]** *n.* пайда, киреше

**incoming ['In"kAmIN]** *n.* киреше; *adj.* келүүчү, кирүүчү

**incommensurable ["Inkq'menS(q)rqbl]** *adj.* ченелбес

**incomparable [In'k0mp(q)rqbl]** *adj.* салыштыргыс, теңсиз

**incompatible ["Inkqm'pxtqbl]** *adj.* сыйышпас, батышпас

**incompetence [In'k0mpIt(q)ns]** *n.* жөндөмсүздүк

**incomplete ["Inkqm'pli:t]** *adj.* бүтпөгөн, аяктабаган, толук эмес

**incomprehensible [In"k0mprI'hensqbl]** *adj.* түшүнүксүз, акыл жеткис

**incomprehension [In"k0mprI'henS(q)n]** *n.* түшүнбөө, аңдабоо

**inconclusive ["Inkqn'klu:sIv]** *adj.* ишенерлик эмес

**incongruity ["Ink0N'gru:ItI]** *n.* туура келбегендик, ылайык келбегендик

**incongruous [In'k0Ngruqs]** *adj.* ыксыз, акылга сыйбас

**inconsistent ["Inkqn'sIst(q)nt]** *adj.* оомалуу-төкмөлүү

**inconsolable ["Inkqn'soulqbl]** *adj.* кайгысы арылбаган, сооронбогон, басылбаган

**inconstant [In'k0nst(q)nt]** *adj.* өзгөрмө, туруктуу эмес

**inconvenient ["Inkqn'vi:nIqnt]** *adj.* ыңгайсыз

**incorporation [In"k0:pq'reIS(q)n]** *n.* биригүү, бириктирүү, биригишүү

**incorporeal ["Ink0:'p0:rIql]** *adj.* денесиз

**incorrect ["Inkq'rekt]** *adj.* натуура, туура эмес, ката

**incorrigible [In'k0rIdZqbl]** *adj.* түзөтүлгүс, түзөлгүс

**incorruptibility ['Inkq"rAptq'bIlItI]** *n.* сатылбастык

**incorruptible ["Inkq'rAptqbl]** *adj.* сатылбас

**increase [In'kri:s]** *n.* арттыруу, көбөйтүү; *v.* арттыр, көбөйт; көбөй

**incredible [In'kredqbl]** *adj.* чынга окшобогон, ишенүүгө болбогон, ишенбей турган

**incredibly [In'kredqbli]** *n.* чындыкка окшобогондук

**incubator ['InkjubeItq]** *n.* инкубатор

**inculcate ['InkAlkeIt]** *v.* жайылт, сиңдир, адат кыл

**inculpate ['InkAlpeIt]** *v.* айыбын ач, бетин ач

**incurable [In'kjuqrqbl]** *adj.* айыккыс, сакайгыс

**indecency [In'di:sensi]** *n.* адепсиздик, уяттык

**indecent[In'di:snt]** *adj.* эрөөн, жарабаган, ылайыксыз

**indecision ["IndI'sIZ(q)n]** *n.* чечкиндүү эместик, боштук, бошоңдук

**indecisive ["IndI'saIsIv]** *adj.* чечкиндүү эмес

**indeclinable ["IndI'klaInqbl]** *adj.* жөндөлбөс

**indeed [In'di:d]** *adv.* ырас, чындыгында

**indefatigable ["IndI'fxtIgqbl]** *adj.* чарчабас, чаалыкпас, арыбас

**indefinite [In'defInIt]** *adj.* белгисиз, белгилүү эмес

**indelible [In'delIbl]** *adj.* өчкүс, жуулгус

**indelicate [In'delIkIt]** *adj.* сылык эмес, адепсиз, одоно

**indention ["Inden'S(q)n]** *n.* абзац

**independence ["IndI'pendqns]** *n.* көз карандысыз

**independent ["IndI'pendqnt]** *adj.* азат, эркин, өз алдынча, бош; ♦ **an independent clause** (грамматика) баш мүчөлөр; **an independent state** көз карандысыз мамлекет; **an independent income** таза пайда, киреше; **we are travelling independently (separately)** биз өз алдыбызча сейилдейбиз.

**indestructible ["IndIs'trAktqbl]** *adj.* кыйрагыс, бекем

**index ['Indeks]** *n.* 1. индекс; 2. көрсөткүч ♦ **index finger** сөөмөй

**India ['IndIq]** *n. geog.* Индия

**Indian ['Indjqn]** *n.* Индиялык; *adj.* Индеец

**India rubber ['Indjq'rAbq]** *n.* өчүргүч, резинка

**indicate ['IndIkeIt]** *v.* билдир; көрсөт

**indicated ['IndIkeItId]** *v.* көрсөтүл

**indication ["IndI'keIS(q)n]** *n.* шилтеме

**indicative mood [In'dIkqtIv mHd]** *n.* жай ыңгай

**indicator ['IndIkeItq]** *n.* көрсөткүч, индикатор

**indifference [In'dIfr(q)ns]** *n.* кайдыгерлик, кош көңүлдүк

**indifferent [In'dIfr(q)nt]** *adj.* кайдыгер, көңүл кош; кош көңүл

**indigent ['IndIdZqnt]** *adj.* кедей, колунда жок

**indigestion ["IndI'dZestS(q)n]** *n.* күптү болуу

**indignant [In'dIgnqnt]** *adj.* кыжыры кайнаган

**indignation ["IndIg'neIS(q)n]** *n.* кыжыры кайноо, ачуусу келүү

**indignity [In'dIgnItI]** *n.* кемсинтүү, кордоо

**indirect ["IndI'rekt]** *adj.* кыйыр, кайчылаш

**indispensable["IndIs'pensqbl]** *adj.* керектүү

**indisposition ["IndIspq'zIS(q)n]** *n.* кыңкыстоо, ооруп жүрүү

**indisputable ["IndIs'pju:tqbl]** *adj.* талашсыз, чырсыз

**indissoluble ["IndI'sOljubl]** *adj.* айрылгыс, ажыралгыс, бузулбас, бузулбай турган

**indistinct ["IndIs'tINkt]** *adj.* ачык эмес, так эмес

**indistinguishable ["IndI'stINgwISqb(q)l]** *adj.* тааныгыс, айрый алгыс, айрылгыс

**individual ["IndI'vIdjuql]** *n.* индивид, личность, жеке адам; *adj.* жеке, өзүнчө, жекеме-жеке

**indivisibility ["IndI"vIdju'xlItI]** *n.* бөлүнбөстүк

**indivisible ["IndI'vIzqbl]** *adj.* бөлүнбөс, бөлүнбөй турган

**indomitable [In'dOmItqbl]** *adj.* колго үйрөнгүс, колго үйрөнбөй турган

**Indonesia ["Indq(V)'ni:Zq, zIq]** *n. geog.* Индонезия

**Indonesian ["Indo(u)'ni:Zjqn]** *adj.* Индонезиялык

**induction [In'dAkS(q)n]** *n.* индукция

**industrial [In'dAstrIql]** *adj.* өндүрүштүк, өнөр жайлык

**industrialization [In"dAstrIqlaI'zeIS(q)n]** *n.* индустриализация

**industrious [In'dAstrIqs]** *adj.* эмгекчил

**industry ['IndqstrI]** *n.* индустрия, өнөр жай, өндүрүш

**inebriate [I'ni:brIIt]** *n.* араккеч

**inedible [In'edIbl]** *adj.* желбес

**ineffective ["InI'fektIv]** *adj.* таасир кылбаган

**inequality ["Ini:'kwOlItI]** *n.* теңсиздик

**ineradicable ["InI'rxdIkqbl]** *adj.* жоюлгус, кырылгыс

**inert [I'nq:t]** *adj.* 1. кыймылсыз 2. шалаакы

**inertia [I'nq:Sjq]** *n.* инерция

**inessential ['InI'senS(q)l]** *adj.* анчалык маанилүү эмес, маанисиз

**inestimable [In'estImqbl]** *adj.* бааланбас, баа жетпес

**inevitable [In'evItqbl]** *adj.* аргасыз, шексиз

**inexhaustible ["InIg'zO:stqbl]** *adj.* соолгус, түгөнбөс

**inexpedient ["InIks'pi:djqnt]** *adj.* максатты актабаган

**inexpensive ["InIks'pensIv]** *adj.* арзан, кымбат эмес

**inexperienced ["InIks'pIqrIqnst]** *adj.* тажрыйбасыз, такшалбаган, тажрыйбасы жок

**inexplicable [In'eksplIkqbl]** *adj.* айтып түшүндүргүс

**inexpressible ["InIks'presqbl]** *adj.* тил жеткис, сөз жеткис

**inextinguishable ["InIks'tINgwISqbl]** *adj.* өчкүс, өчпөс

**infallible [In'fxlqbl]** *adj.* жаңылбас

**infamous ['Infqmqs]** *adj.* маскара кылуучу

**infamy ['InfqmI]** *n.* пастык, төмөндүк

**infancy ['InfqnsI]** *n.* жаш кез, бала кез

**infant ['Infqnt]** *n.* бөбөк; *adj.* жашы жетпеген

**infanticide [In'fxntIsaId]** *n.* бала өлтүрүүчүлүк, бала өлтүрүүчү

**infantry ['Inf(q)ntrI]** *n.* жөө аскер

**infect [In'fekt]** *v.* жугуз, жуктур

**infection [In'fekS(q)n]** *n.* инфекция; жугуштуу оору

**infectious [In'fekSqs]** *adj.* жугуштуу, жукма, инфекциялуу

**inference ['Inf(q)rqns]** *n.* корутунду

**inferior [In'fIqrIq]** *adj.* толук баалуу эмес

**infernal [In'fq:nl]** *adj.* абдан катуу, абдан күчтүү

**infinite ['InfInIt]** *adj.* өлчөөсүз, чексиз, учу-кыйры жок

**infinitive [In'fInItIv]** *n.* инфинитив

**inflammation ["Inflq'meIS(q)n]** *n.* сезгенүү, кагынуу

**inflammatory [In'flxmqt(q)rI]** *adj.* сезгентүүчү

**inflation [In'fleIS(q)n]** *n.* инфляция

**inflexible [In'fleksqbl]** *adj.* ийилгич эмес, ийилме эмес

**influence ['Influqns]** *n.* таасир, таасир кылуу

**influence on ['Influqns]** *v.* таасир кыл

**influential ["Influ'enS(q)l]** *adj.* таасирдүү

**influx ['InflAks]** *n.* кебээр, уюл

**inform [In'f0:m]** *v.* кабардандыр, кабар бер, билдир, маалымат бер

**information ["Infq'meIS(q)n]** *n.* маалымат, кабар

**informer I [In'f0:mq]** *n.* сөз ташуучу, кабар берүүчү

**informer II [In'f0:mq]** *n.* айгак

**infrequent [In'fri:kwqnt]** *adj.* суюк, сейрек

**infusion [In'fju:Z(q)n]** *n.* 1. таасир; 2. маңыз, шире

**ingot ['INgqt]** *n.* куйма

**ingratiating [In'greISIeItIN]** *adj.* бөйпөңдөгөн, жагынычтуу

**ingratitude [In'grxtItju:d]** *n.* жакшылыкты билбегендик

**ingredient [In'gri:djqnt]** *n.* ингредиент, кошунду

**inhabit [In'hxbIt]** *v.* жашап тур

**inhabitant [In'hxbItqnt]** *n.* туруучу, жашоочу

**inhale [In'heIl]** *v.* дем ал

**inhaler [In'heIlq]** *n.* ингалятор
**inherit [In'herIt]** *v.* мураска ээ бол
**inheritance [In'herIt(q)ns]** *n.* мурас, мураска ээ болуу
**inheritor [In'herItq]** *n.* мураскер, мурасчы
**inhospitable [In'hOspItqbl]** *adj.* конокту сүйбөс
**inhuman [In'hju:mqn]** *adj.* адамзатка каршы, адамгерчиликсиз
**inimitable [I'nImItqbl]** *adj.* теңдеши жок, теңдешсиз
**initial [I'nIS(q)l]** *adj.* башкы, алгачкы, башталгыч, биринчи
**initials [I'nIS(q)ls]** *n.* аты же атасынын аты
**initiate [I'nISIeIt]** ***v.*** демилге көтөр
**initiation [I"nISI'eIS(q)n]** *n.* багыштоо
**initiative [I'nISIqtIv]** *n.* демилге, инициатива
**inject [In'dZekt]** *v.* жибер
**injection [In'dZekS(q)n]** *n.* инъекция
**injure ['IndZq]** *v.* уруп ал
**injustice [In'dZAstIs]** *n.* адилетсиздик
**ink [INk]** *n.* сыя
**in-law ['Inl0:]** *n.* сөөк-тамыр
**inlet ['Inlqt]** *n.* булуң, ооз
**inn [In]** *n.* конок үйү
**innate [I'neIt]** *adj.* тубаса
**inner ['Inq]** *adj.* ички, ичкерки
**innkeeper ['In"ki:pq]** *n.* мейманкана ээси
**innocence ['Inqsns]** *n.* күнөөсүздүк, айыпсыздык
**innocent ['Inqsnt]** *adj.* айыпсыз, күнөөсүз
**innovation ["Ino(u)'veIS(q)n]** *n.* новатордук, жаңылык
**innovator ['Ino(u)veItq]** *n.* новатор
**innuendo ["Inju:'endou]** *n.* кыйытуу
**innumerable [I'nju:m(q)rqbl]** *adj.* сансыз, эсепсиз
**inoculate [I'n0kjuleIt]** *v.* дары сай
**inoculation [I"nPkjV'leIS(q)n]** *n.* дары сайуу
**inoffensive ["Inq'fensIv]** *adj.* көңүл оорутпаган, таарынтпаган
**inopportune [In'0pqtju:n]** *adj.* убагында болбогон
**inorganic ["In0:'gxnIk]** *adj.* органикалык эмес
**inquire [In'kwaIq]** *v.* иликте, сураштыр, сура, сурап бил
**inquiry [In'kwaIqrI]** *n.* суроо, иликтөө, сураштыруу

**inquisitive [In'kwIzItIv]** *adj.* талаптануучу
**insane [In'seIn]** *adj.* кейбир, кем акыл
**insanitary [In'sxnIt(q)rI]** *adj.* санитарияга каршы
**insatiable [In'seISjqbl]** *adj.* опкок, соргок, тойбос
**inscribe [In'skraIb]** *v.* бетине чегип жаз
**inscription [In'skrIpS(q)n]** *n.* нерсенин бетиндеги чегилген жазуу
**insect ['Insekt]** *n.* чымын-чиркей, курт-кумурска
**insecticide ['Insektisaid]** *n.* инсектицид
**inseminate [In'semIneIt]** *v.* уруктант, уруктандыр
**insemination [In"semI'neIS(q)n]** *n.* уруктануу, уруктандыруу
**insensibility [In"sensq'bIlItI]** *n.* сезбестик
**insensible [In'sensqbl]** *adj.* сезбес
**insensitive [In'sensItIv]** *adj.* туйбас, сезбес, кенебес
**inseparable [In'sep(q)rqbl]** *adj.* айрылбас, ажырабас, айрылгыс
**inserted [In'sq:t]** *v.* киргиз, кой, жайгаштыр
**inside ['In'saId]** *adj.* ички; ♦ **inside out** аңтарасынан
**insidious [In'sIdIqs]** *adj.* чыккынчы
**insight ['InsaIt]** *n.* көрөөгөчтүк
**insignia [In'sIgnIq]** *n.* герб
**insignificance ["InsIg'nIfIkqns]** *n.* анчалык мааниси жоктук
**insignificant ["InsIg'nIfIkqnt]** *adj.* кымындай, майда-чүйдө
**insincere ["InsIn'sIq]** *adj.* ичи кара, кара ниет
**insincerity ["InsIn'serItI]** *n.* кара ниеттүүлүк
**insinuate [In'sInjueIt]** *v.* ишаарат кыл
**insinuation [In"sInju'eIS(q)n]** *n.* ушак
**insist (on) [In'sIst]** *v.* талап кыл, көөшөр
**insistence [In'sIst(q)ns]** *n.* көөшөрүү, кыстоо
**insole ['Insoul]** *n.* батек
**insoluble [In's0ljubl]** *adj.* чечилгис, чечилбес; ээрибес, ээрибей турган
**insolvent [In's0lv(q)nt]** *adj.* төлөөгө жөндөмсүз; төлөй албас
**insomnia [In's0mnIq]** *n.* уйкусуздук
**inspect [In'spekt]** *v.* текшер
**inspection [In'spekS(q)n]** *n.* инспекция
**inspector [In'spektq]** *n.* инспектор

**inspiration ["Inspq'reIS(q)n]** *n.* көңүл эргүү
**inspire [In'spaIq]** *v.* демдент, ишендир, шыктандыр
**inspired [In'spIrId]** *v.* демденген, шыктанган
**install [In'st0:l]** *v.* жайлаштыр, орноштур
**installation ["Instq'leIS(q)n]** *n.* жайлаштыруу, орноштуруу
**instance I ['Instqns]** *n.* мисал, мисал үчүн, маселен
**instance II ['Instqns]** *adv.* ирет, кез, учур
**instant ['Instqnt]** *n.* көз ирмем
**instantaneous ["Inst(q)n'teInjqs]** *adj.* көз ачып жумганча
**instead [In'sted]** *adv.* ордуна, өтөлгөсүнө
**instigate ['InstIgeIt]** *v.* дүүлүктүр; отун тутандыр
**instigation ["InstI'geIS(q)n]** *n.* азгыруучулук
**instigator ['InstIgeItq]** *n.* азгырма, азгыруучу
**instinct ['InstINkt]** *n.* инстинкт, туюм
**instincts ['InstINkts]** *n.* шык
**institute ['InstItju:t]** *n.* институт
**institution ["InstI'tju:S(q)n]** *n.* институт; ♦ **institution of higher education** ЖОЖ (жогорку окуу жайы)
**instruct [In'strAkt]** *v.* инструкцияла, көрсөтмө бер
**instruction [In'strAkS(q)n]** *n.* окутуу, үйрөнүү, үйрөтүү
**instructions [In'strAkS(q)nz]** *n.* тапшырык, көргөзмө
**instructor [In'strAktq]** *n.* инструктор
**instrument ['Instrumqnt]** *n.* аспап, шайман, курал-жарак
**instrumental ["Instru'mentl]** *adj.* аспаптык
**insufficient ["Insq'fIS(q)nt]** *adj.* жеткиликсиз, кемчил
**insularity ["Insju'lxrItI]** *n.* чектелгендик, чек коюлгандык
**insulating ['InsjuleItIN]** *adj.* изоляциялык
**insulin ['Insjulin]** *n.* инсулин
**insult I ['InsAlt]** *v.* кордо **[In'sAlt]** *n.* кордук, кордоо, кор кылуу
**insult II ['InsAlt]** *n.* таарыныч; *v.* таарынт
**insuperable [In'sju:p(q)rqbl]** *adj.* жеңилгис, жеңилбей турган
**insurance [In'Suqr(q)ns]** *n.* камсыздандыруу
**insure I [In'Suq]** *v.* камсыздандыр
**insure II [In'SVq]** *v.* жара сай
**insured [In'SVqd]** *adj.* жарадар
**insurey [In'SVqrI]** *n.* жара, жаракат

**insurgency [In'sE:dZ(q)nsI]** *n.* козголоң

**insurgent [In'sq:dZ(q)nt]** *n.* козголоңчу, көтөрүлүшчү

**insurrection ["Insq'rekS(q)n]** *n.* козголоң, көтөрүлүш

**integration ["IntIgreI 'S(q)n]** *n.* интеграция

**intellect ['IntIlekt]** *n.* интеллект, акыл, акыл-эс

**intellectual ["IntI'lektjuql]** *n.* интеллигент; *adj.* интеллектуалдуу

**intellegence [In'telIdZ(q)ns]** *n.* 1. акыл; 2. чалгындоо

**intelligent [In'telIdZ(q)nt]** *adj.* акылдуу

**intelligentsia [In"telI'dZentsIq]** *n.* интеллигенция

**intelligible [In'telIdZqbl]** *adj.* түшүнүктүү

**intemperate [In'temp(q)rIt]** *adj.* тыйылып тура албаган

**intend [In'tend]** *v.* ниеттен, ниет кыл

**intensification [In"tensIfI'keIS(q)n]** *n.* интенсификация, күчөгөндүк

**intensify [In'tensIfaI]** *v.* активдештир, күчөт

**intensify [In'tensIfaI]** *v.* интенсификацияла, күчөт

**intension [In'tenS(q)n]** *n.* ниет

**intensity [In'tensItI]** *n.* күч, зордук

**intensive [In'tensIv]** *adj.* интенсивдүүлүк, күчөтүлгөн

**intention [In'tenS(q)n]** *n.* ниет, каалоо

**intentional [In'tenSqnl]** *adj.* атайы, ниет кылып

**intentionally [In'tenS(q)nqlI]** *adv.* атайын

**inter [In'tq:]** *v.* көм, көргө көм

**interact ["Intqr' xkt]** *v.* өз ара аракеттен

**interaction ["Intqr' xkS(q)n]** *n.* өз ара аракеттенүү

**intercede ["Intq'si:d]** *v.* жан тарт

**intercession ["Intq'seS(q)n]** *n.* жолдомо, өтүнүч

**intercommunication ['Intq:kq"mju:nI'keIS(q)n]** *n.* катташуу, байланыш

**interconnect ["Intq'kqnekt]** *v.* орол, чатыш

**inter-continental ['Intq:"k0ntI'nentl]** *adj.* континенттер аралык

**interest ['IntrIst]** *n.* 1. **(attention, curiosity, concern)** кызыгуу, көңүл; **feel, show, take a great, keen interest in something** бир нерсеге өтө кызык; **I have no interest in games** спорт мени кызыктырбайт; 2. талам, мүдөө; **a man of wide interests** мүдөөлү

киши; *v.* кызык; **interest, excite the curiosity** кызыктыр; **interested (in)** кызыккан; **interest-free** пайызсыз, процентсиз

**interesting ['IntrIstIN]** *adj.* кызыктуу, кызык

**interfere ["Intq'fIq]** *v.* кийлигиш

**interference ["Intq'fIqr(q)ns]** *n.* кийлигишүү

**interim ['IntqrIm]** *n.* аралык, ортосу

**interior [In'tIqrIq]** *adj.* ички

**interjection ["Intq:'dZekS(q)n]** *n.* сырдык сөз

**intermediary ["Intq:'mi:djqrI]** *n.* арачы, далдалчы, ортомчу

**intermediate ["Intq:'mi:djqt]** *adj.* арадагы, ортодогу

**interment [In'tq:mqnt]** *n.* көргө коюу

**interminable [In'tq:mInqbl]** *adj.* бүтпөс, түгөнбөс

**intermingle ["Intq:'mINgl]** *v.* аралаштыр

**intermit ["Intq:'mIt]** *v.* үз, токтот

**internal [In'tq:nl]** *adj.* ички

**international ["Intq:'nxSqnl]** *n./adj.* эл аралык, интернационалдык; ♦ **International Monetary Fund (IMF)** Эл Аралык Валюталык Фонду

**interplanetary ["Intq:'plxnIt(q)rI]** *adj.* планеталар аралыгында

**interpret [In'tq:prIt]** *v.* түшүндүр, түшүндүрмөлө

**interpretation [In"tq:prI'teIS(q)n]** *n.* интерпретация, комментарий, түшүндүрмө

**interpreter [In'tq:prItq]** *n.* котормочу

**interrelation ['Intq:rI'leIS(q)n]** *n.* өз ара катнашуу

**interrogate [In'terqgeIt]** *v.* сурак жүргүз, суракка ал

**interrogation [In"terq'geIS(q)n]** *n.* сурак

**interrogative ["Intq'rOgqtIv]** *adj.* суроолуу

**interrupt ["Intq'rApt]** *v.* үз

**interrupted ["Intq'rAptId]** *v.* үзүл

**interruption ["Intq'rApS(q)n]** *n.* үзгүлтүк

**interval ['Intqv(q)l]** *n.* интервал, ара, аралык

**interview ['Intqvju:]** *n.* интервью; *v.* интервью ал/кыл

**intestine [In'testIn]** *n.* ичегилер, ичеги-карын

**intimacy ['IntImqsI]** *n.* жакындык, сырдаштык, ынактык

**intimate ['IntImIt]** *adj.* сырдаш, ынак, таттуу

**intimidate [In'tImIdeIt]** *v.* опузала, коркут

**into ['Intu, Intq, Intu]** *pre.* ичинде, ичине
**intolerable [In'tOl(q)rqbl]** *adj.* чыдамсыз
**intolerance [In'tOl(q)r(q)ns]** *n.* жол берилбей тургандык
**intolerant [In'tPlFrFnt]** *adj.* чыдагыс
**intonation ["Into(u)'neIS(q)n]** *n.* интонация
**intone [In'toun]** *v.* интонация менен айт
**intoxicated [In'tPksIkeItId]** *adj.* мас
**intoxication [In"tOksI'keIS(q)n]** *n.* мастык
**intra [In'trx]** *adv.* ички, ичинде, арасында
**intractable [In'trxktqbl]** *adj.* тил албас, эпке келбес
**intransitive [In'trxnsItIv]** *adj.* өтмө этиш
**intricate ['IntrIkIt]** *adj.* машакаттуу
**intrigue [In'tri:g]** *n.* шыкак, интрига

**introduce ["Intrq'dju:s]** *v.* 1. тааныштыр; ♦ **may I introduce my fiancee?** келинчегимди тааныштырууга уруксат этиңиздер; 2. башта **(begin): he introduced his speech with a quotation** ал өз сөзүн цитаталардан баштады.

**introduction ["Intrq'dAkS(q)n]** *n.* киришүү
**introductory ["Intrq'dAkt(q)rI]** *adj.* кириш, киришме
**intrude [In'tru:d]** *v.* кийлигиш
**intrusion [In'tru:Z(q)n]** *n.* кийлигишүү
**intuition ["Intju:'IS(q)n]** *n.* сезим, туюм
**intuitive [In'tju:ItIv]** *adj.* көзү ачык
**invade [In'veId]** *v.* басып ал
**invader [In'veIdq]** *n.* басып алуучу
**invalid ['Invqli:d]** *n.* майып
**invaluable [In'vxljVb(q)l]** *adj.* баасыз, асыл
**invariable [In'vFqrIqbl]** *adj.* өзгөрүлбөс
**invasion [In'veIZ(q)n]** *n.* жортуул, басып алуу
**invent [In'vent]** *v.* ойлоп чыгар; калпты ойлоп чыгар
**invention [In'venS(q)n]** *n.* ойдон чыгаруу, ойлоп чыгаруу
**inventor [In'ventq]** *n.* калпычы, жалганчы
**inventory ['Invqntrl]** *adj.* инвентардык
**inversion [In'vq:S(q)n]** *n.* инверсия
**inverted ['In'vq:tId]** *n.* тырмакча
**invest [In'vest]** *v.* инвестиция кыл

**investigate [In'vestIgeIt]** *v.* 1. изилде 2. текшер
**investigation [In"vestI'geIS(q)n]** *n.* 1. изилдөө 2. текшерүү 3. тергөөчү
**investment [In'vestmqnt]** *n.* инвестиция
**investor [In'vestq]** *n.* 1. изилдөөчү 2. текшерүүчү
**investor [In'vestq]** *n.* инвестор
**inveterate [In'vet(q)rIt]** *adj.* өнөкөт болгон
**invigorate [In'vIgqreIt]** *v.* чыңа, бекемде
**invincible [In'vInsqbl]** *adj.* жеңилбей турган, жеңилбес
**inviolable [In'vaIqlqbl]** *adj.* кыйрагыс, бузулбас
**invisible [In'vIzqbl]** *adj.* көрүнбөс, көрүнгүс
**invitation ["InvI'teIS(q)n]** *n.* чакыруу
**invite [In'vaIt]** *v.* чыкыр, чакыр
**involuntary [In'v0lqnt(q)rI]** *adj.* эрксиз, айласыз, аргасыз
**invulnerable [In'vAln(q)rqbl]** *adj.* ачуусу келбеген
**ion ['aIqn]** *n.* ион
**iota [aI'outq]** *n.* йота
**Iran [I'rQ:n]** *n. geog.* Иран
**Iranian [I'reInjqn]** *adj.* Ирандык
**Iraq [I'rQ:k]** *geog.* Ирак
**Iraqi [I'rQ:kI]** *adj.* Ирактык
**irascible [I'rxsIbl]** *adj.* кыжырдангыч
**irate [aI'reIt]** *adj.* ачуулуу
**Ireland ['aIqlqnd]** *n. geog.* Ирландия
**iris ['aIqrIs]** *n.* ирис
**Irishman ['aIqrISmqn]** *adj.* Ирландиялык
**irksome ['q:ksqm]** *adj.* кыжырдангыч
**iron ['aIqn]** *n.* үтүк; *v.* үтүктө
**ironic(al) [aI'r0nIk(ql)]** *adj.* шылдыңдаган
**irony ['aIqrqnI]** *n.* ирония, шылдың, келеке
**irrational [I'rxSqnl]** *adj.* иррационалдуу; жөнү жок, ыксыз
**irreconcilable [I'rekqnsaIlqbl]** *adj.* элдешкис, макул болбос
**irrefutable [I'refjutqbl]** *adj.* калпка чыккыс, тангыс
**irregular [I'regjulq]** *adj.* туура эмес, тескери
**irregularity [I"regju'lxrItI]** *n.* туура эместик, тескерилик
**irremovable ["IrI'mu:vqbl]** *adj.* которулбас

**irreparable [I'rep(q)rqbl]** *adj.* арылгыс, кутулгус, табылгыс, төлөнгүс
**irreplaceable ["IrI'pleIsqbl]** *adj.* орду басылбай турган
**irrepressible ["IrI'presqbl]** *adj.* ээ бербеген
**irreproachable ["IrI'proutSqbl]** *adj.* кемчиликсиз, кемтиксиз, кынтыксыз
**irresistible ["IrI'zIstqbl]** *adj.* мизи кайтарылгыс
**irrespective ["IrIs'pektIv]** *adj.* сыйлабас
**irresponsibility ["IrIspPmsq'bIlItI]** *n.* жоопкерсиздик
**irresponsible ["IrIs'pOnsqbl]** *adj.* жоопкерчиликсиз
**irreversible ["IrI'vq:sqbl]** *adj.* кайталанбас
**irrevocable [I'revqkqbl]** *adj.* айныбас, кайтпас
**irrigate ['IrIgeIt]** *v.* сугар
**irrigated ['IrIgeItId]** *v.* сугарыл
**irrigation ["IrI'geIS(q)n]** *n.* сугат
**irrigator ['IrIgeItq]** *n.* сугатчы
**irritant ['IrIt(q)nt]** *n.* дүүлүктүргүч
**irritated ['IrIteItId]** *v.* кыжырдан
**irritation [I"rI'teIS(q)n]** *n.* кыжырдануу
**Islam ['IzlQ:m]** *n.* Ислам
**Islamic [Iz'lxmIk, Is'lxmIk]** *adj.* Исламдык
**island ['aIlqnd]** *n.* арал
**isle ['aIl]** *n.* арал
**isolate ['aIsqleIt]** *v.* бөлүп кой, обочолонт
**isolation ["aIsq'leIS(q)n]** *n.* изолятор, обочолонтуу
**issue ['Isju:]** *v.* чык, чыгар, кел; 1. иш 2. сан 3. маселе
**it [It]** *pro.* ал
**Italian [I'txljqn]** *n./adj.* италиялык
**italic [I'txlIk]** *n.* курсив; *adj.* курсив
**Italy ['ItqlI]** *geog.* Италия
**itch [ItS]** *v.* кычыш, дүүлүк; *n.* кычыткы
**item ['aItem]** *n.* буюм, нерсе
**itinerary [aI'tIn(q)rqrI]** *n.* жол көрсөткүч

# J

**jabber I ['dZebq]** *v.* келжире

**jabber II ['dZebq]** *n.* тарсылдак, чырылдак; *v.* тырсылда, карсылда

**jackal ['dZxk0:l]** *n.* чөө

**jacket ['dZxkIt]** *n.* кофта

**jade ['dZeId]** *n.* чобур, тукур (horse)

**jaguar ['dZxgjuq]** *n.* ягуар

**jail ['dZeIl]** *n.* түрмө, абак, камак; *v.* кама

**jailer ['dZeIlq]** *n.* түрмө сакчысы

**jam I [dZxm]** *v.* тыгында; тык

**jam II [dZxm]** *n.* варенье, джем

**jamb [dZxm]** *n.* кашек (for door, window)

**January ['dZxnjuqrI]** *n.* Үчтүн айы, Январь

**Japan [dZq'pxn]** *geog.* Япония

**Japanese ["dZxpq'ni:z]** *adj.* Япониялык

**jar [dZQ:]** *n.* банка

**jargon ['dZQ:gqn]** *n.* жаргон

**jasmine ['dZxsmIn]** *n.* жасмин

**jaundice ['dZ0:ndIs]** *n.* сары ооруу; *adj.* сары оорулуу

**jaw ['dZ0:]** *n.* жаак

**jawbone ['dZ0:boun]** *n.* жаак сөөгү

**jazz ['dZxz]** *n.* жаз-музыка

**jealous ['dZelqs]** *adj.* кызганчаак

**jealousy ['dZelqsI]** *n.* кызганчаактык

**jeans ['dZJns]** *n.* жинсы

**jeep ['dZJp]** *n.* жип

**jeer [dZIq]** *v.* табала, шылдыңда

**jelly ['dZelI]** *n.* желе

**jerk I [dZq:k]** *n.* акмак; *v.* түрт

**jerk II ['dZq:k]** *v.* жулк, жулкуп ал, булк, булкуп ал

**jest ['dZest]** *v.* тамашала, куудулдук кыл

**jester I ['dZestq]** *adj.* тамашакөй

**jester II ['dZestq]** *n.* акмак, келесоо

**jet [dZet]** *n.* самолёт

**Jew [dZu:]** *n.* Еврей

**jewel ['dZu:ql]** *n.* кымбат баалуу таш

**jeweler ['dZu:qlq]** *n.* зергер

**jewelry ['dZu:qlrI]** *n.* бермет

**jewess ['dZu:Is]** *n.* еврей аял

**jewish ['dZu:IS]** *adj.* еврей тили

**jib [dZIb]** *v.* кыян-кески бол

**jig [dZIg]** *n.* жига (dancing)

**jingle ['dZIgl]** *v.* кыңыра

**job ['dZ0b]** *n.* иш, жумуш

**jockey ['dZ0kI]** *n.* жокей

**jog [dZ0g]** *v.* жүгүр, чурка; *n.* жүгүрүү, чуркоо

**join [dZ0In]** *n.* байланышуу; *v.* 1. **(connect)** байланыштыр; **the towns are joined by a railway** эки шаарды темир жол байланыштырат; **(fasten)** байла; **(unite)** кош; 2. **(enter)** кир, өт; **he joined the party** ал партияга кирди, ал партияга өттү; **join the battle** согушка кир; 3. **(enter someone's company)** бирик, кошул; **may I join you? (at the table)** сиздер менен чогуу отуруунга болобу, силерге кошулсам болобу?; 4. **(flow or lead into)** кошул; 5. **(take part)** катыш; **may I join in the game?** оюнга кошулсам, катышсам болобу?; **join (in), enter (into)** кириш, жагыл, эсепке кир

**joint I [dZ0Int]** *n.* муун

**joint II [dZ0Int]** *adj.* биргелешкен, биригишкен; ♦ **joint-stock company** бириккен акционердик коом

**joke ['dZouk]** *n.* тамаша, анекдот; ♦ *v.* тамашала

**joker ['dZoukq]** *n.* клоун, күлдүргүч, куудул

**jostle ['dZ0sl]** *v.* түрткүлө, түрткүлөп жибер

**jot down [dZ0t daVn]** *v.* катта

**journal ['dZq:nl]** *n.* 1. журнал 2. күндөлүк

**journalism ['dZq:nqlIzm]** *n.* журналистика

**journalist ['dZq:nqlIst]** *n.* журналист

**journalistic ["dZq:nq'lIstIk]** *adj.* журналисттик

**journey ['dZq:nI]** *n.* саякат; *v.* саякатта, сапарла

**jove ['dZouv]** *n.* юпитер

**joy [dZ0I]** *n.* кубаныч, шаттык

**joyful ['dZ0If(q)l]** *adj.* кубанычтуу, шаттуу, шайыр

**joyous ['dZ0Iqs]** *adj.* куунак

**joystick ['dZ0IstIk]** *n.* жойстик

**jubilee ['dZu:bIlI:]** *n.* юбилей

**judge I ['dZAdZ]** *n.* жюри, калыс

**judge II ['dZAdZ]** *n.* сот

**jug I [dZAg]** *v.* карала

**jug II [dZAg]** *n.* кумура

**juggle ['dZAgl]** *v.* алдап/азгырып ал

**juice ['dZu:s]** *n.* сок, шире

**juicy ['dZu:sI]** *adj.* ширелүү

**July [dZu:'laI]** *n.* Теке айы, Июль

**jumble ['dZAmbl]** *n.* баш аламан

**jump [dZAmp]** *n.* секирүү, секирик; **long/high jump** бийиктикке, узундукка секирүү; **you gave me a jump** сиз мени чочутуп ийдиңиз; *v.* 1. **(jump over, across)** секир. 2. секирт; **(cause to jump): he jumped his horse over the fence** ал атын дубалдан секиртти. 3. **the train jumped the rails** поезд рельстен чыгып кетти; ♦ **he jumped from one topic to another** ал бир темадан экинчи темага өтүп кетти; **shares jumped to a new level** акция көтөрүлүп кетти; **jump for joy** сүйүнгөндөн секир; **jump on someone (attack)** бирөөгө секир; **jump to it!** шашылгыла!; **they jumped about to keep warm** алар ысыш үчүн секиришти; **she jumped down from the fence** ал дубалдан секирди**; he took off his clothes and jumped in** ал киймин чечип сууга секирди; **if you want a lift, jump in!** эгерде мени таштап койсун десеңиз, машинага чыгыңыз**!; don't jump off before the bus stops!** автобус токтогонго чейин түшпө!; **as the train began to move, I jumped** поезд жыла баштаганда, мен секирип чыктым; **jump up and down** өөдө-ылдый секир; **jump (into, on)** секирип чык, секирип кир; **jump out, spring out** секирип чык; **jump out, leap out, spring out** секирип түш, билинбей чыгып кет; **jump up (on to), spring up (on to)** ыргып мин, ыргып чык

**jumper I ['dZAmpq]** *n.* секиргич

**jumper II ['dZAmpq]** *n.* жемпер

**June [dZu:n]** *n.* Кулжа айы, Июнь

**jungle ['dZANgl]** *n.* чытырман, түнт токой, жунгли

**junior ['dZu:njq]** *adj.* кичүү, кенже

**juniper ['dZu:nIpq]** *n.* арча

**Jupiter ['dZu:pItq]** *n.* Юпитер

**jurisprudence ['dZuqrIs"pru:d(q)ns]** *n.* юриспруденция

**jurist ['dZuqrIst]** *n.* юрист

**juror ['dZuqrq]** *n.* калыстар тобунун мүчөсү

**jury ['dZuqrI]** *n.* калыстар тобу

**just [dZAst]** *adj.* **(equitable)** туура, адилеттүү; ♦ **act justly to(wards) someone** бирөөгө туура бол; **he gave a just account** ал туура отчёт берди; *adv.* туура, дал, нак, так; **it was just 3 o'clock** саат туура, нак 3 эле; **just then** туура ошол убакта; **just like, as (comparison)** нак, так ошондой; **that's just like him (typical)** нак ага окшош; **that's just like me** так мага окшош!; **that's just it** дал өзү; **(exactly arranged)** башка баш, көзгө көз; **just so (you are quite right)** туура, дал өзү; **just about (approximately): just about right** дээрлик туура; **(almost): I've just about finished** бүтөйүн деп калдым. **(time)** азыр эле; **(very recently): I saw him just now** мен аны азыр эле көрдүм, дал азыр көрдүм; **just as** эми гана, -ганда; **just as he entered the room** ал эми гана киргенде; **the show is just beginning** шоу эми гана башталып жатат, эми эле башталды. **(barely, no more than)** зорго, арaңдан; **I just caught the train** мен поездге зорго жетишип калдым; **he is (only) just beginning to speak Russian** ал араңдан, эми гана орусча сүйлөөнү баштады; **I've got just enough for my fare** акчам билетке зорго жетет; **(wait) just a minute!** бир минутка гана! **just listen to this!** жөн эле уккула!; **I went just to hear him** мен аны угуш үчүн гана кирдим; **just for fun** тамаша үчүн; **(positively, absolutely)** жөн эле; **just** адилет, туура, калыс; **just, exactly** так эле, **just, on the point of** дал өзү

**justice ['dZAstIs]** *n.* 1. **(fairness; equity)** адилеттик, теңдик, адилеттүүлүк, калыстык; **do justice to** адилеттүүлүк кылуу; **with justice** адилеттүүлүк менен. 2. **(system of institutions)** юстиция; **court of justice** сот. 3. **(magistrate; judge)** судья, сот; **justice of the peace** тынчтык соту

**justify ['dZAstIfaI]** *v.* акта

**juvenile ['dZu:vInaIl]** *n.* тестиер

# K

**Kabul ['k0:bl]** *geog.* Кабул

**kamikaze ["k-mI'kQ:zI]** *n.* камикадзе

**kangaroo ["kxNgq'ru:]** *n.* кенгуру

**Kazakh [kQ:'zQ:h]** *adj.* Казактык

**Kazakh [kQ:'zQ:h]** *n.* Казах

**Kazakhstan ["kQ:zQ:h'stQ:n]** *geog.* Казахстан

**kebab** [**kI'bxb]** *n.* шашылык, шик кебек; ♦ **kebab house** шашылык кылуучу жай

**keen [ki:n]** *adj.* курч, кескин, күчтүү

**keep [ki:p]** (kept) *n.* 1. **(maintenance)** кармоо, тутуу. 2. **(sustenance)** багуу; *adv.* биротоло, такыр; *v.* 1. **(retain possession of)** карма, кармап тур; **(preserve)** сакта; **I shall keep this paper to show my mother** бул газетаны апама көрсөтүү үчүн сактайм; 2. **(cause to remain): keep something safe** бир нерсени сакта; **keep hope alive** үмүт үзбө; **keep the house clean** үйдү таза сакта; **keep one's hands clean** колдорду таза сакта; **keep your mouth shut!** оозуңузду колуңуз менен жабыңыз!, эч кимге айтпа!, «бээ көрдүңбү жок, төө көрдүңбү жок»!; 3. **(cause to continue) I don't like to be kept waiting** көп күттүргөндү жаман көрөм; 4. **(remain in, on): keep one's seat (remain sitting)** оордунан турба; 5. карма, сакта; 6. **(detain)** кармалып кал; **I won't keep you** мен сизди кармабайм; 7. **(stock; have for sale): we do not keep such goods** биз мындай товаларды сатпайбыз; 8. **(defend, protect):** корго; **God keep you!** кудай сактайт!, кудай сактасын!; 10. **(observe; be faithful to; fulfil) keep the law** мыйзамды сакта, законду сакта; **keep one's word** сөзүңө тур; **keep faith** ишенчиликти сакта; 11. **(continue)** улант; **she keeps giggling** ал дагы эле күлүп жатат; **keep going!** токтобогула, уланткыла!; 12. **(remain fresh)** таза сактал; **the food will keep in the refrigerator** тамак муздаткычта жакшы сакталат; 13. **(restrain)** карма; **the police could not keep the crowd back** полиция элдин тобун кармай алышпады; **keep (to), stick to, observe** тут, сакта

**keeper ['ki:pq]** *n.* коргоочу, сактоочу

**kerchief ['kq:tSIf]** *n.* жоолук, жолукча

**kettle ['ketl]** *n.* чайнек

**key [ki:]** *n.* 1. ачкыч; 2. клавиша

**keyboard ['ki:b0:d]** *n.* клавиятура, клавиша

**keyhole ['ki:houl]** *n.* кулпунун тешиги

**khan [kRn]** *n.* кан, хан

**kick [kIk]** *n.* 1. соку, тебүү; **give someone a kick** бут менен тебүү; **give a kick (to a horse)** аттын тебиши. 2. **(recoil)** тебүү. 3. **get a kick out of something** бир нерседен канаат ал; **he does it for kicks** ал бузуктук үчүн жасап жатат; *v.* 1. теп; **he kicked me on the shins** ал мени шыйракка тепти; **you mustn't kick a man when he's down** жаткан адамды урса болбойт, жатканды урбайт; **he kicked the ball** ал топту тепти; 2. гол ур/сок; **he kicked a goal** ал гол урду; 3. чыдасыздык менен күт; **kick one's heels** чыдамсыздык менен күтүү; 4. **kick the habit (give up drug-taking)** баңгичиликти ташта; **he is still alive and kicking** ал дагы эле тирүү; **kick the door in** эшикти буз; **kick someone's teeth in** бирөөнүн тиштерин ыргыта кой; **kick one another** тебиш, тепкилеш

**kid [kId]** *n.* 1. улак; 2. бөбөк

**kidnap ['kIdnxp]** *v.* ала кач, алып кач

**kidney ['kIdnI]** *n.* бөйрөк

**kill [kIl]** *n.* 1. **(hunted animal)** атылган илбээсин; 2. **(animals killed)** азык, жем, чабыт; ♦ *v.* 1. (**to murder)** өлтүр, сой; **he was killed in an accident** ал авариядан өлгөн; **kill someone** өзүңү өзүң өлтүр; **kill two birds with one stone** «эки коёнду бир ок менен ат», «эки чымчыкты бир таш менен өлтүр»; **the frost killed my roses** суук менин розаларымды өлтүрдү. 2. **(animals for food)** жар; **the wolf killed the calf** карышкыр торпокту жарып кетти. 3. **(destroy, put an end to)** жок кыл; **this drug kills the pain** бул даары ооруну жок кылат; 4. **(neutralize, colors)** нейтралдаштыр; **cigarettes kill the appetite** тамеки табитти жок кылат; **kill time** убакыт өткөр. 5. **(switch off)** өчүр. 6. **(finish off)** бүтүр, түгөт; **shall we kill the bottle?** бөтөлкөнү түгөтөбүзбү?; 7. **(sport); kill the ball (football)** топту токтот; 8. **(overwhelm) your jokes are killing me!** сиздин тамашаңыз мени өлтүрдү!

**killer [kIlq]** *n.* киши өлтүргүч

**kilogram ['kIlqgrxm]** *n.* килограмм, кило

**kilometer ['kIlq"mi:tq]** *n.* километр

**kilowatt ['kIlqw0t]** *n.* киловатт

**kimono [kI'mqunqu]** *n.* кимоно

**kin [kIn]** *n.* тууган-туушкан

**kind I [kaInd]** *n.* түр, тукум

**kind II [kaInd]** *adj.* акылдуу, зээндүү; кең пейил

**kindergarten ['kIndqgRt(q)n]** *n.* бала бакча

**kind-hearted ['kaInd'hQ:tId]** *adj.* кең пейил, боорукер, ак көңүл

**kindle ['kIndl]** *v.* тамыз, жак, тутандыр

**kindling ['kIndlIN]** *n.* тамызгы

**kindness ['kaIndnIs]** *n.* кайрым, кең пейилдүүлүк

**kinetics [kaI'netIks]** *n.* кинетика; *adj.* кинетикалык

**kinfolk ['kInfqVk]** *n.* тууган-туушкан

**king ['kIN]** *n.* падыша, корол

**kingdom ['kINdqm]** *n.* падышалык

**kinsfolk ['kInzfouk]** *n.* урук-тууган

**kinsman ['kInz-mqn]** *n.* бир тууган, боордош

**kiosk [kI'0sk]** *n.* киоск

**kiss [kIs]** *n.* өбүү, сүйүү; ♦ **give someone a kiss on the cheek** бирөөнүн бетинен өп; **give her a kiss from me!** менин атыман аны өөп коюуңуз!; **kiss of life** жасалма дем алдыр; *v.* өп, өбүш, сүй; **they kissed each other goodbye** алар өбүшүп коштошушту.

**kitchen ['kItSIn]** *n.* ашкана

**kite [kaIt]** *n.* айры куйрук

**kitten ['kItn]** *n.* мышыктын баласы

**kiwi ['kIwI]** *n.* киви

**knave ['neIv]** *n.* валет (card)

**knead [ni:d]** *v.* жууру, жуур

**knee ['ni:]** *n.* тизе; ♦ **kneepad** тизе кап

**knife ['naIf]** (pl knives) *n.* бычак *v.* бычакта

**knight ['naIt]** *n.* рыцарь

**knit [nIt]** (knitted, knit) *v.* току *n.* токуу

**knob ['n0b]** *n.* шишик, томпоктук

**knock [n0k]** *v.* 1. черт, как 2. сок, ур

**knockdown ['nPk'daVn]** *n.* нокдаун

**knockout ['nPkaVt]** *n.* нокаут

**knot [n0t]** *n.* түйүн

**knotted ['nPtId]** *adj.* түйүндүү

**know ['nou]** (knew; known) *v.* бил

**knowledge ['n0lIdZ]** *n.* билим

**known [noun]** *v.* билин

**knuckle ['nAkl]** *n. 1.* муун; 2. сөөктүн сыныгы

**Korean [kq'rIqn]** *adj.* Кореялык

**Kremlin ['kremlIn]** *n.* Кремль

**Kuala Lumpur ['kwQ:lq'lumpuq]** *geog.* Куала-Лумпур

**Kurd ['kq:d]** *geog.* Курд

**kuvasz [kuu`vRs]** *n.* квас

**Kuwait [ku'weIt]** *geog.* Кувейт

**Kuwaiti [kV'weItI]** *adj.* Кувейт, Кувейттик

**Kyrgyz ['kq:gi:z]** *n.* кыргыз; ♦ **Kyrgyz language** кыргыз тил; **Kyrgyz national hat** калпак

**Kyrgyzstan [kq:'gi:zstAn]** *geog.* Кыргызстан

# L

**lab ['lxb]** *n.* лаборатория

**label ['leIbl]** *n.* ярлык, этикетка

**labial ['lxbIql]** *adj.* ээринчил

**labor ['leIbq]** *n.* эмгек, жумуш, иш

**laboratory [lq'b0rqt(q)rI]** *n.* лаборатория; ♦ **laboratory assistant** лаборант

**laborer ['leIbqrq]** *n.* эмгекчилер, жумушчулар

**lace I [leIs]** *n.* тартма

**lace II [leIs]** *n.* боо, шнур; *v.* шнур так, боо так, боола

**lack [lxk]** *n.* кемчилик, кемчилдик, жетишпегендик, жетишпестик, аздык; **there was no lack of water** суу жетишээрлик эле болгон; *v.* жетишпе, -сыздык; **he lacks something** ага бир нерсе жетпейт; **we lack money** бизге акча жетишпейт, биз акчага муктажбыз; **lack of coordination** ырксыздык, макулдашпагандык; **lack of correspondence, disparity** туура келбегендик; **lack of culture** маданиятсыздык, маданиятуу эместик; **lack of development** жетиле электик; **lack of education** маалыматсыздык, билимсиздик; **lack of foresight, short-sightedness** келечегин көрөгөчсүздүк; **lack of ideals** идеясыздык; **lack of land** жерсиздик, жери жоктук; **lack of money**

акчасыздык; **lack of organization, disorganization** уюштурулбагандык; **lack of self-control** көтөрүмсүздүк, көтөрүмү жоктук; **lack of talent** зээнсиздик, талантсыздык; **lack of taste** жарашыксыздык, жагымсыздык, даамсыздык; **lack of time** кол тийбестик, чолоо тийбестик; **lack of will** жумшактык, мококтук, оопайлык, эрки жоктук, эрксиздик

**lad [lxd]** *n.* жигит, өспүрүм

**ladder ['lxdq]** *n.* шаты

**lady ['leIdI]** *n.* айым, мырзайым

**lag behind [lxg bI'haInd]** *v.* артта кал

**laid [leId]** *adj.* сыртына капталган

**lair [lFq]** *n.* уюк, ийин

**lake [leIk]** *n.* көл

**Lake Baikal ['leIkbaI'kQ:l]** *geog.* Байкал көлү

**lama [lxmq]** *n.* лама

**lamb [lxm]** *n.* козу; ♦ **lamb skin** козу териси

**lame [leIm]** *adj.* аксак; *v.* акса

**lamp [lxmp]** *n.* лампа, лампочка

**lampshade ['lxmpSeId]** *n.* люстра

**lance ['lQ:ns]** *n.* найза

**lancer ['lQ:nsq]** *n.* улан

**land ['lxnd]** *n.* 1. жер, кургактык; **land mass** жер массиви; **dry land** кургак жер, кайрак жер; **travel by land** кургак жер менен жүр; **land forces** кургактагы аскерлер; **reach, make land** жээкке жет; 2. **(ground, soil)** топурак, турпак; **he works on the land** ал жерди иштетет; **good farming land** түшүмдүү жер; **a house with some land** жери бар үй; **land tax** жер салыгы; **land tenure** жер ээлик. 3. (country) өлкө, мамлекет; **native land** ата-мекен, ата-журт, мекен; **in a foreign land** чет өлкөдө; 4. **(property); he owns land** анын менчик жери бар; *v.* 1. **(bring to shore): land a vessel** жээкке сүзүп чык; **land cargo** жүк түшүр; **land passengers** жүргүнчүлөрдү түшүр. 2. **land an aircraft** кон; 3. **(win)** жең; **he landed himself a good job** ал жакшы ишке жайгашкан. 4. **he landed himself in trouble** ал балээни башына үйүп алды; **land ploughed** тоңдурма; **land surveying, survey** чек сал; **land surveyor** геодезист; **land surveyor** жер ченегич, жер өлчөгүч

**landing ['lxndIN]** *n.* конуу, конуучу жер

**landlady ['lxn"leIdI]** *n.* жер ээси

**landlord ['lxnl0:d]** *n.* жер ээси, кожоюну

**landmark ['lxndmQ:k]** *n.* веха, мамы

**landowner ['lxnd"ounq]** *n.* жер ээси

**landscape ['lxnskeIp]** *n.* ландшафт

**landslide ['lxndslaId]** *n.* жер көчкү

**language ['lxNgwIdZ]** *n.* тил; **(spoken); ♦ language and literature** тил жана адабият, филология; **in a foreign language** чет тилинде; **they don't speak the same language** алар башка тилде сүйлөшөт; **(words, expressions): he has a great command of language** ал тилди өтө кыйын билет; **native language** эне тил; **spoken language** оозеки тил; **language student (at university)** филолог, тилчи; **language laboratory** лингафондук кабинет.

**languish ['lxNgwIS]** *v.* шалдыра, талыкшы

**languor ['lxNgq]** *n.* шалдырагандык

**lanky ['lxNkI]** *adj.* тартагай, бою узун

**lap [lxp]** *v.* шалпылдатып ич

**large ['lQ:dZ]** *adj.* чоң, ири, зор

**larger ["lQ:dZq]** *adj.* чоңураак

**lark [lQ:k]** *n.* торгой

**larva ['lQ:vq]** *n.* личинка, малак

**larynx ['lxrINks]** *n.* кекиртек, алкым

**laser ['leizq]** *n.* лазер; **♦ laser printer** лазердик принтер

**lash I [lxS]** *n.* камчы

**lash II [lxS]** *n.* кирпик

**lassitude ['lxsItju:d]** *n.* шалдыроо, алдыроо

**lasso ['lxsOu]** *n.* аркан, чалма; *v.* арканда, аркан менен байла/карма

**last [lQ:st]** *v.* созул, узар, улан; *adj./adv.* акыркы, арткы; мурунку, өткөн; **♦ last name**$^{A}$ фамилия

**lasting ['lQ:stIN]** *n.* ластик

**latch ['lxtS]** *v.* тээктен бекит

**late I ['leIt]** *adv.* кечиккен, мурунку

**late II ['leIt]** *v.* кечик

**latent ['leIt(q)nt]** *adj.* жашырын

**later ['leItq]** *adv.* кечирээк, кийинирээк

**lath [lQ:T]** *n.* рейка

**lathe [leID]** *n.* токардык станок

**lather ['lQ:Dq]** *n.* самындоо

**latin ['lxtIn]** *n.* латын; латын тили

**latitude ['lxtItju:d]** *n.* кеңдик, эндүүлүк

**Latvia ['lxtvIq]** *n. geog.* Латвия

**Latvian ['lxtvIqn]** *n./adj.* латвиялык

**laud ['l0:d]** *v.* макта

**laudable ['l0:dqbl]** *adj.* мактоочу

**laugh ['lQ:f]** *n.* күлкү; ♦ **loud laugh** каткырык; **we had a good laugh over it** биз өлгүдөй күлдүк; **he gave a loud laugh** ал каткырып жиберди; *v.* күл, каткыр; **I almost burst out laughing** мен аз жерден күлүп ийе жаздадым; **who/what are you laughing at?** эмнеге күлүп жатасыңар?; **it's nothing to laugh at** күлө турган эч нерсе жок; **he laughed in my face** ал менин көзүмчө, ал менин бетиме күлдү; **I laughed till I cried** көзүмдөн жаш чыкканча күлдүм; **make someone laugh** бирөөнү күлдүр; **don't make me laugh!** мени күлдүрбөгүлө!, күлдүрбөгүлө; **laugh at, make fun of, poke fun at** тамаша кыл, шылдыңда

**laughter ['lQ:ftq]** *n.* күлкү

**laughable ['lQ:fqb(q)l]** *adj.* күлкүлүү

**laughter ['lQ:ftq]** *n.* күлкү

**laundry ['l0:ndrI]** *n.* кир жуу

**laureate ['l0:rIIt]** *n.* лауреат

**laurel ['l0r(q)l]** *n.* лавр (tree)

**lava ['lQ:vq]** *n.* вулькан лавасы

**lavender ['lxvIndq]** *n.* лаванда

**law [l0:]** *n.* 1. мыйзам, закон 2. эреже

**lawful ['l0:ful]** *adj.* мыйзамдуу

**lawfulness ['l0:f(q)lnIs]** *n.* закондуулук, мыйзамдуу

**lawsuit ['l0:sju:t]** *n.* соттук процесс

**lawyer ['l0:jq]** *n.* юрист, актооч

**laxative ['lxksqtIv]** *n./adj.* ич алдыруучу каражаттар

**lay [leI]** (laid) *v.* кой, сал

**layer ['leIq]** *n.* кабат

**layered ['leIqd]** *adj.* кабаттуу

**laziness ['leIzInIs]** *n.* жалкоолук

**lazy ['leIzI]** *adj.* жалкоо

**lead I [led]** *n.* коргошун

**lead II [li:d]** (led) *v.* коштоп жүр; ээрчит, баштап жүр

**leader ['li:dq]** *n.* лидер, жетекчи

**leadership ['li:dqSIp]** *n.* лидерлик, жетекчилик

**leading I ['li:dIN]** *n.* башкаруу

**leading II ['li:dIN]** *adv.* башкы

**leaf ['li:f]** (pl leaves) *n.* 1. жалбырак; 2. барак

**leaflet ['li:flIt]** *n.* 1. баракча, буклет; 2. жалбыракча

**league [li:g]** *n.* лига

**leak ['li:k]** *v.* тамыз

**lean I [li:n]** *adj.* арык

**lean II [li:n]** (leaned, leant) *v.* жат, бас; ♦ **lean year** каат жыл

**leap [li:p]** *n.* секирүү, секирик, каргуу, ыргуу; *v.* секир, секирип чык; ♦ **leap-year** толук жыл

**learn ['lq:n]** (learnt, learned) *v.* 1. **(get knowledge of)** үйрөн; **he learned (how) to ride** ал ат мингенди үйрөндү, ал мингенди үйрөндү; **he is learning to be an interpreter** ал котормочулукту үйрөнүп жатат; 2. **(be informed)** бил; **I have yet to learn where we are going** мен али кайсы жакка бара жатканыбызды билбейм.

**learned ['lE:nId]** *adj.* билимдүү

**least [li:st]** *adj.* эң аз, эң кичине

**leather ['leDq]** *n.* булгаары, тери, замша; ♦ **leather goods** булгаары товарлар

**leave [li:v]** *n* . 1. **(permission)** уруксат; **who gave you leave to go?** ким сизге кетүүгө уруксат кылды?; 2. **(leave of absence)** дем алуу, отпуск; **he is on leave** ал дем алууда**; when are you going on leave?** качан дем алууга кетесиз?; **sick leave** ден-соолугуна байланыштуу дем алуу, отпуск; 3. **(farewell)** коштошуу; *v.* 1. **(allow or cause to remain)** кал, калтыр; **the wound left a scar** жараттан так калды; **I was left with the feeling that** мен … сезимде калдым; **has anyone left a message?** эч ким эч нерсе калтырбадыбы?; **he left a wife and three children** андан (өлгөндөн кийин) аялы жана 3 баласы калды; **leave me alone!** жалгыз калтырыңызчы!; **leave my books alone!** менин китептериме тийбе; **leave the door open!** эшикти ачык калтырыңыз!; **some things are better left unsaid** кээ бир нерселерди

айтпай эле койгон оң; **she was left a widow** ал тул, жесир калды; **the illness left him weak** ал оорудан кийин алсыз болуп калды; **I have no money left** менде акча жок, менде акча калбай калыптыр; **how much milk is there left?** сүт канча калды? 2. **(leave behind by accident)** кокустан калтыр/ташта; **I left my umbrella at home** кол чатырымды үйгө таштап коюптурмун; кол чатырымды үйгө унутуп калтырыпмын. 3. **(bequeath)** мурас калтыр; **she was left a large inheritance by her uncle** анын агасы ага көп мурас калтырды. 4. **(abandon)** ташта, таштап кет; **he left his wife for another woman** ал аялын таштап башка аялга кетти. 5. **(relinquish): leave hold, go of** колдон чыгар; 6. **(go away from)** кет, жөнө; **I leave the house at eight** мен үйдөн саат 8де кетем; **leave the room!** бөлмөдөн чыккыла!; **the train left the rails** поезд рельстен чыгып кетти; **leave the table** үстөлдөн тургула; **he left his job** ал ишин таштап кетти; **he leaves school this year** быйыл ал мектепти бүтөт; **leave (dirty) marks, traces** из, так калтыр; **leave (on discharge), be discharged** чык, өчүрүл; **leave (to), bequeath (to), devise (to)** мурас калтыр, мурас кагаз кыл; **leave greasy marks** майдын тагын калтыр

**leaven ['levn]** *n.* көрөңгө

**leaves [li:vz]** *n.* жалбырактар

**Lebanon ['lebqnqn]** *geog.* Ливан

**lecher ['letSq]** *n.* бузуу; *v.* буз

**lecherous ['letS(q)rqs]** *adj.* бузук

**lecture ['lektSq]** *n.* лекция; ♦ **lecture hall** лекциялык зал

**lecturer ['lektS(q)rq]** *n.* лектор

**leech [li:tS]** *n.* сүлүк

**left [left]** *n.* сол

**left-handed ['left'hxndId]** *adj.* сологой

**leftist ['leftIst]** *n.* солчул

**leg [leg]** *n.* бут, аяк

**legacy ['legqsI]** *n.* мурас, энчи

**legal ['li:g(q)l]** *adj.* легалдуу, закондуу, мыйзамдуу

**legalization ["li:gqlaI'zeIS(q)n]** *n.* мыйзамдаштыруу

**legalize ['li:gqlaIz]** *v.* легализацияла, закондоштур, мыйзамдаштыр

**legend ['ledZ(q)nd]** *n.* легенда

**legendary ['ledZ(q)nd(q)rI]** *adj.* легендалуу

**legibe ['ledZqbl]** *adj.* ачыктык, дааналык
**legislation ["ledZIs'leIS(q)n]** *n.* мыйзам чыгаруу
**legislative ['ledZIsleItIv]** *adj.* мыйзам чыгара турган
**legislator ['ledZIsleItq]** *n.* мыйзам чыгаруучу
**leisure ['leZq]** *n.* бош убак, чоло
**leisurely ['leZqlI]** *adv.* шашпастан, жайбаракат
**lemon ['lemqn]** *n.* лимон
**lemonade [lemq'neid]** *n.* лимонад
**lemur ['li:mq]** *n.* лемур
**Lena ['lenq]** *geog.* Лена
**length ['leNT]** *n.* узундук
**lengthen ['leNT(q)n]** *v.* ула, узарт, улаштыр
**lengthy ['leNTI]** *adv.* созулган
**lens I [lenz]** *n.* чечекей
**lens II [lenz]** *n.* линза
**leopard ['lepqd]** *n.* леопард, барс, илбирс
**leper ['lepq]** *adj.* пес оорулуу
**leprosy ['leprqsI]** *n.* ала, пес оорусу
**lesbian ['lezbIqn]** *n.* лесбиянка
**less [les]** *n.* аз, кем, саны аз, аз сандагы; *adj.* азыраак
**lessen ['lesn]** *v.* азайт, азай, кемит, басаңдат
**lesson ['lesn]** *n.* сабак

**let [let]** (let) *v.* 1. уруксат бер; ♦ **let me help you** жардамдашканга уруксат бериңиз; **why not let him try?** ал дагы бир жолу аракет кылганга эмне үчүн болбосун?; **he won't let me work** ал мага иштөөгө уруксат бербей жатат; **let go (of) my hand** колумду коё бериңизчи; **this was untrue but I let it go, pass** бул чын эмес эле, бирок мен каршы турбадым; **let one's hair grow** чачты коё бер; 2. **(cause to): let someone have it (punish)** бирөөнү катуу жазала; **I let him see he was in the wrong** мен анын туура эмес экендигин мойнуна алдырдым; 3. **(in imperfect or hortatory sense): let me see (reflect)** токтой тур, коё тур; **let him do it** коё тургулачы, ал аны жасайт; **let us drink** келгиле, ичебиз; **let us pray** келгиле, кудайдан тилейбиз; **let them come in** жөн кой, кире беришсин; **let there be light** дайыма жарык болсун. 4. **(let come or go)** тийбе**: he let me into the room** ал мени бөлмөгө коё берди; **shall I let you into a secret?** сыр айтып берейин, каалайсызбы?; **he was let out of prison** аны

түрмөдөн коё беришти. 5. **let blood** кан коё бер. (тактоочтор менен); **let him alone to finish it** жөн кой, ал аны аяктай берсин, аны аяктаганга тоскоолдук кылбагыла; **they haven't got a radio, let alone television** алардын сыналгысы эле эмес, үналгысы да жок; **he can't even walk, let alone run** ал жүгүрмөк турсун, баса да албайт; **I feel let down** менин көңүлүм калды; **(fail to support)** уят кыл; **I was badly let down** мен абдан уят болдум; **(deflate)** желде: **let down tires** дөңгөлөк желде; **the window doesn't let in much light** терезе жарыкты начар өткөрүп жатат; **he let himself in** ал эшикти өзү ачып кирди; **let the clutch in** сцеплениени кош; **let off a smell** жыт бер, жыт чыгар; **let me off at the next stop** кийинки аялдамада түшүрүп коюңузчу; **let on** байкоосуздан айтып кой; **let air out of a tire** дөңгөлөктөн желди коё бер; **let the water out of the bath** ваннадан сууну коё бер; **let out a secret** сырды айт; **he let out the whole story** ал өзүнүн бардык жашыруун нерселерин айтып салды; **let past** жол бошот; **he never lets up in his work** ал дем албастан иштейт; **let in** жибер, толтур; **let one's tongue run away with one** дөөрүп кет; **let out a roar** бакыр, бакырып жибер; **let out, blurt out** жашырын ишти айтып сал; **let out, release** бошот, жибер; **let rot, allow to decay** ириндет; **let, hire out, rent** жалда, жалдап иштет; **let (of property)** аренда, ижара; **take a house on a long let** үйдү узак убакытка ижарага ал.

**lethal ['li:T(q)l]** *adj.* өлгүдөй, өлөөрчө

**letter I ['letq]** *n.* тамга, арип

**letter II ['letq]** *n.* кат

**lettuce ['letIs]** *n.* салат

**level ['levl]** *n.* деңгээл; *v.* тегизде, түздө

**levy ['levI]** *v.* чогулт, жыйна

**lewd [lu:d]** *adj.* бузуку

**lexical ['leksIkql]** *adj.* лексикалык

**liable ['laIqbl]** *adj.* оңгуч, оңмо, оңуп кетме

**liar ['laIq]** *n.* калпычы, жалганчы, алдамчы

**liberal ['lIb(q)r(q)l]** *n./adj.* либерал

**liberate ['lIbqreIt]** *v.* боштоондукка чыгар

**liberation ["lIbq'reIS(q)n]** *n.* боштоондук, бошотуу, куткаруу

**liberator ['lIbqreItq]** *n.* боштоондукка чыгаруу

**liberty ['lIbqtI]** *n.* эркиндик

**librarian [laI'brFqrIqn]** *n.* китепканачы

**library ['laIbrqrI]** *n.* библиотека, китепкана; ♦ **library science** китепкана таануу (илим)

**Libya ['lIbIq]** *geog.* Ливия

**license ['laIs(q)ns]** *n.* лицензия

**licentious [laI'senSqs]** *adj.* ээн баш, бейбаш

**lichen I ['laIken]** *n.* эңилчек

**lichen II ['laIken]** *n.* чакалай, темиротку

**lick ['lIk]** *v.* жала

**lid [lId]** *n.* капкак, жапкыч

**lie I [laI]** *v.* калп айт, жалган айт; *n.* калп, жалган, алдоо

**lie II [laI]** *v.* жат

**lieutenant [lef'tenqnt]** *n.* лейтенант

**life ['laIf]** (pl lives) *n.* жашоо, турмуш, тричилик, өмүр; ♦ **life after death** акырет; **life story** өмүрбаян; **lifeguard** куткаруучу

**lifebelt ['laIfbelt]** *n.* куткаргыч дөңгөлөк

**lifeboat ['laIfbout]** *n.* куткаргыч кайык

**lifeless ['laIflIs]** *adj.* жансыз

**lift [lIft]** *v.* көтөр; *n.* лифт

**lifted [lIftId]** *v.* көтөрүлгөн

**light I [laIt]** *n.* жарык; *v.* жак, күйгүз

**light II [laIt]** *adj.* жеңил

**light-minded ['laIt'maIndId]** *adj.* жеңил ойлуу

**lightness ['laItnIs]** *n.* жеңилдик

**lightning ['laItnIN]** *n.* чагылган

**likable ['laIkqb(q)l]** *adj.* жагымдуу

**like I [laIk]** *v.* жактыр, жакшы көр, сүй

**like II [laIk]** *adj.* сыяктуу, окшош

**liken ['laIk(q)n]** *v.* окшот, окшоштур

**lilac ['laIlqk]** *n.* сирень

**lily ['lIlI]** *n.* лилия

**lime [laIm]** *n.* акиташ

**limelight ['laImlaIt]** *n.* жарык

**limestone ['laImstoun]** *n.* акиташ

**limit ['lImIt]** *n.* чек; *v.* чекте, чек кой

**limitated ["lImI'teIId]** *v.* чектел

**limitation ["lImI'teIS(q)n]** *n.* чектөө

**limp [lImp]** *n.* аксоо, аксактык, төкөрдүк

**line I [laIn]** *v.* 1. сыз; 2. катарга тиз

**line II [laIn]** *n.* 1. жип; 2. кайырмактын кылы; 3. сызык; 4. чек ара; 5. катар; 6. кезек

**lineage ['lInIdZ]** *n.* тек

**lined [laInd]** *v.* катарлан

**liner ['laInq]** *n.* лайнер

**linger ['lIngq]** *v.* аялда, буйдалып кал, кармалып кал

**linguist ['lINgwIst]** *n.* тилчи, лингвист

**linguistic [lIN'gwIstIk]** *adj.* лингвистикалык

**linguistics [lIN'gwIstIks]** *n.* лингвистика, тил илими

**link [lINk]** *n.* тогоо

**linoleum [lI'nouljqm]** *n.* линолеум

**lion ['laIqn]** *n.* арстан

**lioness ['laIqnIs]** *n.* ургаачы арстан

**lip ['lIp]** *n.* эрин

**lipstick ['lIpstIk]** *n.* эрин майы

**liquid ['lIkwId]** *n.* суюктук; *adj.* суюк

**liquidate ['lIkwIdeIt]** *v.* жок кыл

**liquidation ["lIkwI'deIS(q)n]** *n.* жок кылуу

**liquor ['lIkq]** *n.* ичкилик, ликёр ичимдик

**lisp [lIsp]** *n.* шамшаңдап сүйлөгөндүк

**list [lIst]** *n.* ведомость, тизме; *v.* тизме түз, тизмеле

**listen ['lIsn]** *v.* ук, тыңша

**listener ['lIsnq]** *n.* угуучу, тыңшоочу

**lit [lIt]** *v.* 1. жак; 2. куй

**literacy ['lIt(q)rqsI]** *n.* сабаттуулук, сабат

**literal ['lIt(q)r(q)l]** *adj.* сөзмө-сөз, так өзүндөй

**literary ['lIt(q)rqrI]** *adj.* сөзмө-сөз, адабий

**literate ['lItqrIt]** *adj.* сабаттуу

**literature ['lIt(q)rItSq]** *n.* адабият; ♦ **literature department** адабият факультети

**Lithuania ["lITjV'eInIq]** *geog.* Литва

**Lithuanian ["lITju:'eInjqn]** *adj.* Литвалык

**litigate ['lItIgeIt]** *v.* доола

**liter ['li:tq]** *n.* литр

**little ['lItl]** *n.* **(not much)** аз, кичине; **there was little left** аз калды; **little or nothing** эч нерсе; **he has done little or nothing for us** ал биз үчүн эч нерсе жасабады; **he knows a little of everything** ал бардыгынан аздан билет; **won't you stay (for) a little?** дагы бир аз отуруңуз!; **little by little** аз-аздан; *adj.* 1. **(small)** кичинекей; **little finger** чыпалак; **little house** үйчө; **little man** кичинекей киши. 2. **(young)** жаш; **little boy** жаш бала; **little girl** жаш кыз; **my little brother** менин үкөм, иним; 3. **(not tall or long)** чоң эмес, узун эмес; **he was a little man** ал кичинекей, узун эмес киши болчу; 4. **(small, of quantity)** кичине, аз; **there is little butter left** кичине май калыптыр; **have a little something to eat!** бир нерсе ооз тийиңизчи!; 5. **(emotive senses): that poor little girl!** бечера!; **I know your little ways** биз сизди билебиз!; **you little liar!** ах, сен, жалганчы! *adv.* 1. **(not much)** көп эмес, аз; **I see him very little** мен аны аз көрөм; 2. **(a little: slightly, somewhat)** кичине; ♦ **this hat is a little too big for me** бул шляпа мага, кичине чоң; **I was a little afraid you would not come** мен сизди келбейт деп, бир аз корктум эле; **little bell** кичинекей коңгуроо, жылаажын; **little boy** балакай; **little brother** үке, ини, агайын, тууган; **little by little, bit by bit** аз-аздан; **little, few, not enough** аз, кем; **little finger, little toe** чыпалак; **little importance, insignificant** анчалык эмес, чоң мааниси жок; **little significance, of little importance** анчалык мааниси болбогон; **little value** анчалык баалуу, маанилүү эмес; **little, (too) small** өтө аз; **little, a bit** аз гана, аз эле; **little, a trifle, a bit** кичине, бир аз; **little, small** кичинекей; **little, some, not much, a few, not many** кичине, бир аз; **little-known, unfamiliar** көп тааныш эмес

**live [lIv]** *v.* жаша; *adj.* жандуу, тирүү

**lively ['laIvlI]** *adj.* тирүү, тың, тирик, ракеттүү, жандуу

**liver ['lIvq]** *n.* боор

**livestock ['laIvst0k]** *n.* мал, жандыктар

**living ['lIvIN]** *adj.* тирүү, жаны бар

**lizard ['lIzqd]** *n.* кескелдирик

**load I [loud]** *v.* зарядда

**load II [loud]** *v.* жүктө; *n.* жүк

**loaded ['lqVdId]** *v.* 1. жүктөл 2. заряддал

**loaf [louf]** (pl loaves) *n.* буханка

**loafer ['loufq]** *n.* бекерчи

**loan [loun]** *n.* заём

**lobby ['l0bI]** *n.* лобби

**local ['louk(q)l]** *adj.* жергиликтүү, ушул жерлик; ♦ **local government** айыл өкмөт

**locality [lo(u)'kxlItI]** *n.* жай, жер

**located [lo(u)'keItId]** *v.* жайгаш; *adj.* жайгаштырылган

**location [lo(u)'keIS(q)n]** *n.* турак, мекен, жай

**lock [l0k]** *n.* кулпу; *v.* кулпта

**locksmith [l0k]** *n.* слесарь

**locomotive ['loukq"moutIv]** *n.* локомотив

**locust ['lqVkqst]** *n.* чегиртке

**lodge ['l0dZ]** *v.* квартирада тур, батирде тур

**lodger ['l0dZq]** *n.* квартирада туруучу, батирде туруучу

**lodging ['lPdZIN]** *n.* жатак, турак-жай

**log [l0g]** *n.* жоон жыгач

**logic ['l0dZIk]** *n.* логика

**logical ['l0dZIkql]** *adj.* логикалык, акыл эстүү

**loins ['l0Iq]** *n.* бел кырчоо

**London ['lAndqn]** *geog.* Лондон

**loneliness ['lqVnlInIs]** *n.* жалгыздык

**lonely ['lqVnlI]** *adv.* жалгыз, жалгызсыра

**lonesome ['lounsqm]** *n.* жалгызсыроо

**long I [l0N]** *v.* сагын

**long II [l0N]** *adj.* узак, узун; ♦ **long ago** эчак, эбак, алда качан; **long forgotten** эчак унутулган; **long-term** узак мөөнөттүү

**longer [l0Nq]** *adj.* узагыраак

**longevity [l0n'dZevItI]** *n.* узун өмүр

**longing ['l0NIN]** *n.* сагыныш

**look [luk]** *n.* 1. **(glance)** караш, көз караш, кароо; **he gave me a look** ал мени карап койду; 2. **have, take a look at (examine)** кара, тешер; **the doctor had a good look at his throat** доктор ынтаалык менен анын тамагын карады; 3. **have a look for (search for)** издөө үчүн кароо; 4. **(expression)** көрүнүш; **there was a look of horror on his face** анын көрүнүшү абдан коркунучтуу эле; *v.* 1. **(inspect, scrutinize): look someone in the face, eye** көзүнө кара, бетине кара;

2. көз менен билдир; **(express with eyes);** 3**. (have the appearance of)** көрүн; **he looks like an old man** ал карыдай көрүнөт; 4. **(questions) look who's here!** оо, мен кимди көрдүм!; 5. **(use one's eyes)** кара; **he looked out of the window to see if she was coming** ал терезеден анын келе жаткандыгын карады; 6. **(face)** карат; **she is looking well** ал жакшы көрүнөт; **look like (resemble)** окшош көрүн; **he looks like his father** ал атасына окшойт; **look for (seek)** изде; **he is looking for his wife** ал аялын издеп жатат.

**looking glass**[B] **['lukINglQ:s]** *n.* күзгү

**loom [lu:m]** *v.* сорой, корой

**loop [lu:p]** *n.* сыйыртмак

**loosen ['lu:sn]** *v.* жумшарт, бошот

**lop-eared ['l0pIqd]** *adj.* шалпаң кулак

**Lord [l0:d]** *n.* Төрө

**lorry ['l0rI]** *n.* жүк машина

**lose [lu:z]** (lost) *v.* жогот

**loss [lPs]** *n.* 1. жоготуу 2. уттуруу

**lost [l0st]** *v.* 1. жогол 2. адаш, адашып кет; *adj.* адаштырган, адашкан

**lot I [lPt]** *n.* аянт

**lot II [l0t]** *adj.* чучу-кулак

**lotion ['louS(q)n]** *n.* лосьон

**lottery ['l0tqrI]** *n.* лотерея, утуш

**loud I [laud]** *adj.* 1. чуулуу 2. кыйкырчаак

**loud II [laud]** *adj.* катуу; *adv.* катуу, кыйкырып

**loudspeaker ['laud"spi:kq]** *n.* динамика

**louse [laus]** (pl lice) *n.* бит

**lovable ['lAvqb(q)l]** *adj.* сүйгүнчүктүү

**love ['lAv]** *n.* сүйүү, махабат; *v.* сүй, жакшы көр

**loved [lAvd]** *v.* ашык, ашыктанган

**loveliness ['lAvlInIs]** *n.* сулуулук

**lovely ['lAvlI]** *adj.* татынакай, сулуу, көрктүү

**lover ['lAvq]** *n.* 1. ойнош 2. ашык

**loving ['lAvIN]** *adj.* жакшы көргөн

**low I [lou]** *adj.* ыплас

**low II [lou]** *adj.* кыска, кодоо, пас; ♦ **low price** баасы төмөн; **low-paid** аз төлөөнүүчү

**lower ['louq]** *v.* төмөндө; *adj.* кыскараак, төмөнүрөөк *adv.* төмөнкү, ылдыйкы

**lowland ['loulqnd]** *n.* ойдуң

**loyal ['lOI(q)l]** *adj.* чын берилген, адилеттүү караган

**lubricate ['lu:brIkeIt]** *v.* майла, сыйпа

**luck ['lAk]** *n.* бакыт, ырыс, тагдыр

**lucky ['lAkI]** *adj.* жолдуу

**ludicrous ['lu:dIkrqs]** *adj.* күлдүрө турган

**luggage ['lAgIdZ]** *n.* багаж, жүк

**lull [lAl]** *v.* алдейле, алдейлеп уктат

**lullaby ['lAlqbaI]** *n.* бешик ыры

**luminescence ["lu:mI'nes(q)ns]** *n.* жаркыроо

**lump [lAmp]** *n.* бөлүк, тилке

**lunar ['lu:nq]** *adj.* айлуу

**lunatic ['lu:nqtIk]** *n.* лунатик

**lunch**[A] **[lAntS]** *n.* түшкү тамак

**lung [lAN]** *n.* өпкө

**lure [ljuq]** *v.* азгыр, ээликтир

**lustre ['lAstq]** *n.* жылтырак

**lux ['lAks]** *n.* люкс

**luxurious [lAg'zjV(q)rIqs, lAg'ZV(q)rIqs]** *adj.* шаанилүү

**lyceum** [**laI'sJqm**] *n.* лицей

**lymph** [limf] *n.* лимфа

**lynx [lINks]** *n.* сүлөөсүн

**lyre** [lai**q]** *n.* лира

**lyric** ['**IrIk**] *n.* лирик; лирика; *adj.* лирикалык

# M

**ma [mQ:]** *n.* апа

**macadam [mq'kxdqm]** *n.* шагыл

**macaroni ["mxkq'rounI]** *n.* макарон

**mace [meIs]** *n.* чокмор

**machination ["mxkI'neIS(q)n]** *n.* махинация

**machine [mq'Si:n]** *n.* 1. машина, механизм 2. **(means of transport)** автоунаа; **(bicycle)** велосипед; **(motorcycle)** мотоцикл; **(aircraft)** самолёт; 3. аспап, шайман

**machinist [mq'Si:nIst]** *n.* машинист

**mackintosh ['mxkIntOS]** *n.* макинтош

**mad ['mxd]** *v.* ачуулан; *adj.* жинди, кем акыл

**madam ['mxdqm]** *n.* мадам

**made-up ['meIdAp]** *adj.* колдо жасалган

**madman ['mxdmqn]** *n.* жинди киши

**madness ['mxdnIs]** *n.* жиндилик, келесоолук

**Madrid [mq'drId]** *geog.* Мадрид

**magazine ["mxgq'zi:n]** *n.* журнал

**magic ['mxdZIk]** *n.* сыйкыр; *adj.* сыйкырдуу

**magical ['mxdZIkql]** *adj.* сыйкырдуу

**magician [mq'dZIS(q)n]** *n.* сыйкырчы, фокусчу

**magistrate ['mxdZIstrIt]** *n.* судья

**magnanimity ["mxgnq'nImItI]** *n.* ак көңүлдүк, айкөлдүк

**magnanimous [mxg'nxnImqs]** *adj.* ак көңүл, айкөл

**magnate ['mxgneIt]** *n.* магнат

**magnesium [mxg'ni:zjqm]** *n.* магний

**magnet ['mxgnIt]** *n.* магнит

**magpie ['mxgpaI]** *n.* сагызган

**maid [meId]** *n.* кыз

**maidservant ['meId"sq:v(q)nt]** *n.* кызматчы аял

**mail [meIl]** *n.* почта; ♦ **mail box** почта ящиги

**maim [meIm]** *v.* майып кыл

**main [meIn]** *adj.* негизги, башкы

**maintain [meIn'teIn, mqn'teIn]** *v.* бак, сакта

**maintenance ['meInt(q)nqns]** *n.* 1. багуу 2. кубаттоо, жактоо, колдоо

**maize [meIz]** *n.* маис, жүгөрү

**majestic [mq'dZestIk]** *adj.* 1. салабаттуу 2. шаңдуу

**majesty ['mxdZIstI]** *n.* 1. салабат 2. шаңдуулук

**major I ['meIdZq]** *adj.* негиздүү

**major II ['meIdZq]** *n.* майор

**majority [mq'dZOrItI]** *n.* көпчүлүк

**make ['meIk]** *v.* 1. **(fashion, create, construct)** жаса, түз; **(build)** кур; **what is this made of?** бул эмнеден жасалган?; **I'm not made of stone** мен таштан жасалган эмесмин го; 2. **(sew together)** тик; **he made a speech** ал сөз сүйлөдү. 4. **(compile, compose)** тизме түз; **make a list!** тизме түзгүлө!. 5. **(manufacture, produce)** даярдап чыгар; **the factory makes shoes** завод бут кийимдерди даярдап чыгарат. 6. **(prepare)** тамак даярда, бышыр; **she made breakfast** ал эрте мененки тамакты даярдады. 7. **(establish, create)** эреже чыгар; **he makes a rule of going to bed early** ал эрте жатканга эреже чыгарды. 8. түшүн **(construe, understand); can you make anything of it?** сиз бир нерсе түшүнө алдыңызбы?; **what do you make of this sentence?** бул сүйлөмдү кандай түшүнөсүз?; 9. **(reach)** жет; **he made it (succeeded) after three years** ал үч жылдан кийин ийгиликке жетти; 10. **(earn)** иштеп тап; **he makes a good living** ал абдан жакшы иштеп табат; **make (good) use of, utilize, turn to account** пайдалан; **make someone laugh** күлдүр; **make a complete recovery (from)** айыгып кет, сакайып кет; **make a donation (of), present** курман кыл; **make a fool of someone, do something foolish** келесоолук/акмактык кыл; **make a hole (in)** теш, жырт; **make a mess (of), confuse, get wrong** чаташтыр; **brawl** жаңжал сал; **make an abstract of** конспект түз; **make an incision (in)** кес, аралап так түшүр; **make callous** көзгө көйгөк бол, көзгө айгак бол; **make dirty by handling, thumb** кармап булга; **make dirty footmarks (in, on)** тепсеп булга; **make dirty, smear** булга, кирдет; **make fall in love (with)** сүйдүр, ашык кыл; **make foam, look froth, look lather** көбүктөнт, көбүрт; **make friends (with)** достош; **make green, paint green** жашыл кыл, жашыл менен бойо; **make hastily or any old how** эптей сал, ары-бери кыла сал; **make incisions (in, on), notch** кесик түшүр; **make younger** жашарт; **make much noise** дуулда, бакылда; **make someone dirty, become dirty** булган, кирде; **make one's debut** театрда дебют кыл, сыноого чык; **make round** тоголок кыл; **make up (for), catch up (with)** эсесин толтур; **make up (the rest of), pay up** кемин бер; **make up to, snuggle up to** эркеле, эркелен; **make up** гримде; гримден, бойон; **make, acquire (by playing)** ойноп көрсөт; **make, build** жаса, кур; **make, work out, draw up** өндүр, иштеп чыгар; **make, turn out** иштеп даярда; **make of, participant in sedition, plotter** козголоңго катыш; **makeup room** гримдөнүүчү

бөлмө; **makeup artist** гример; **makeup, cosmetics** грим, эрин майы, косметика

**makeup ['meIkAp]** *n.* 1. грим; 2. косметика

**makeweight ['meIkweIt]** *n.* кеми

**making ['meIkIN]** *n.* иштеп чыгаруу, өндүрүү

**maladministration ['mxlqd"mInIs'treIS(q)n]** *n.* начар башкаруучулук

**malaria [mq'le(q)rIq]** *n.* безгек

**Malaysia [mq'leIZq]** *geog.* Малайзия

**male [meIl]** *n.* эркек; *adj.* эркек; ♦ **male dog** дөбөт ит; **male nurse** эркек санитар

**malediction ["mxlI'dIkS(q)n]** *n.* каргыш, наалат

**malevolent [mq'levqlqnt]** *adj.* кайрымдуу эместик, кара санатайлык

**malice ['mxlIs]** *n.* каар, ачуу, жаал

**malicious [mq'lISqs]** *adj.* каардуу, заардуу, жаалдуу

**malignant [mq'lIgnqnt]** *adj.* залалдуу

**malinger [mq'lINgq]** *v.* анткорлон

**malleable ['mxlIqbl]** *adj.* согууга элпек

**malt [m0:lt]** *n.* угут

**Malta ['m0:ltq]** *geog.* Мальта

**man [mxn]** *n.* адам, киши, эркек

**manage ['mxnIdZ]** *v.* башкар, жетекчилик кыл

**management ['mxnIdZmqnt]** *n.* башкаруу, башкаруучулук

**manager ['mxnIdZq]** *n.* менеджер, башкаруучу, мүдүр

**Managua [mQ:'nQ:gwQ:]** *geog.* Манагуа

**Manchester ['mxntSIstq]** *geog.* Манчестер

**mandarin ['mxnd(q)rin]** *n.* мандарин

**mandate ['mxndeIt]** *n.* 1. мандат, наказ, тапшырык; 2. бирөөгө берилген бийлик же укук

**mandatory ['mxndqt(q)rI]** *adj.* милдеттүү

**mane [meIn]** *n.* жал

**manganese ["mxngq'ni:z]** *n.* марганец; *adj.* марганецтик

**mangle ['mxngl]** *v.* 1. майып кыл; 2. көркүн буз

**mangy ['meIndZI]** *adj.* 1. котур 2. таз, тазы бар

**manhole ['mxnhoul]** *n.* аңдын чыйыры

**maniac ['meInIxk]** *n.* маньяк
**manicure ['mxnIkjuq]** *n.* маникюр
**manifest ['mxnIfest]** *n.* манифест, декларация
**manifestation ["mxnIfes'teIS(q)n]** *n.* манифестация
**manifesto ["mxnI'festou]** *n.* манифест
**manipulate [mq'nIpjuleIt]** *v.* манипуляцла
**mankind ["mxn'kaInd]** *n.* адамзат
**manly ['mxnlI]** *adj.* кайраттуу
**mannequin ['mxnIkIn]** *n.* манекенщица
**manner ['mxnq]** *n.* 1. үлгү, стиль; 2. адат, өнөкөт 3. ыкма
**manoeuvre [mq'nu:vq]** *n.* манёвр; *v.* манёврда
**mansion ['mxnS(q)n]** *n.* особняк
**mantelpiece ['mxntlpi:s]** *n.* камин
**manual ['mxnjuql]** *adj.* кол …
**manufacture ["mxnju'fxktSq]** *n.* өндүрүү; *v.* иштеп чыгар, өндүр
**manufacturer ["mxnju'fxktSqrq]** *n.* өндүрүүчү, даярдоочу
**manure [mq'njuq]** *n.* кык, көң; *v.* кык төк
**manuscript ['mxnjuskrIpt]** *n.* кол жазма
**many ['menI]** *adj.* көп, далай, бир топ
**map [mxp]** *n.* карта; *v.* картага түшүр
**maple ['meIpl]** *n.* бадам
**mar [mQ:]** *v.* буз, бүлдүр
**maraud [mq'r0:d]** *v.* тоно
**marauder [mq'r0:dq]** *n.* мародёр, талоончу
**marble ['mQ:bl]** *n.* мрамор; *adj.* мрамор …
**march I ['mQ:tS]** *n.* марш, жүрүш; *v.* жүрүшкө алып кет
**March II ['mQ:tS]** *n.* Жалган куран, Март
**marching ['mQ:tSIN]** *n.* маршировка
**marchioness ['mQ:S(q)nIs]** *n.* маркиза
**mare [mFq]** *n.* бээ
**margarine ["mQ:dZq'ri:n]** *n.* маргарин майы
**marinade ["mxrI'neId]** *n.* маринад; *v.* маринадда
**mark [mQ:k]** *n.* 1. баа; 2. марка, түр; 3. из, так; 4. белги; *v.* 1. белги сал; 2. белгиле; 3. маркала; 4. тамгала
**marked ['mQ:kt]** *adj.* белгиленген, белгиси бар

**marker ['mQ:kq]** *n.* маркер

**market ['mQ:kIt]** *n.* базар *v.* базарда сат

**marketable ['mQ:kItqb(q)l]** *adj.* өтүмдүү

**marksman ['mQ:ksmqn]** *n.* атаман

**marmalade ['mQ:mqleId]** *n.* мармелад

**marmot ['mQ:mqt]** *n.* суур

**marriage ['mxrIdZ]** *n.* 1. **(ceremony)** үйлөнүү той, нике той. 2. **(contraction of marriage by man)** үйлөнүү, турмушка чыгуу; ♦ **he made her an offer of marriage** ал анын колун сурады; **marriage certificate** нике күбөлүгү

**married ['mxrId]** *adj.* үйлөнгөн(for males); турмушка чыккан(for females), күйөөлүү, эрдүү(for females), аялдуу, үй бүлөлүү(for males)

**marrow ['mxrou]** *n.* чучук

**marry ['mxrI]** *v.* 1. үйлөндүр, аял алып бер(for males); 2. күйөөгө чыгар, турмушка чыгар(for females); 3. никеге тургуз, нике кый

**Mars [mQ:s]** *n.* Марс

**marsh [mQ:S]** *n.* саз

**marshal ['mQ:S(q)l]** *n.* маршал

**marshy ['mQ:SI]** *adj.* саздуу

**marsupial [mQ:'sju:pjql]** *n.* сумкалуу жаныбарлар

**marten ['mQ:tIn]** *n.* кундуз, суусар

**martial ['mQ:S(q)l]** *adj.* согуштук

**martyr ['mQ:tq]** *v.* азап тарт, кыйнал

**marvel ['mQ:v(q)l]** *n.* укмуш, тири укмуш, ажайып

**Marxism ['mQ:ksIzm]** *n.* Марксизм; ♦ **Marxism-Leninism** *n.* Марксизм-Ленинизм

**Marxist ['mQ:ksIst]** *n.* Марксист; *adj.* Марксисттик; **Marxist-Leninist** Маркисттик-Лениндик

**mascot ['mxskqt]** *n.* тумар, тилсим

**masculine ['mQ:skjulIn]** *adj.* эркек, эркек жыныстагы

**mash [mxS]** *n.* үйөр, алап

**mask [mQ:sk]** *n.* маска; *v.* 1. маска кий, маскарад киймин кий; 2. маскировкала, билинбес кыл

**masquerade ["mxskq'reId]** *n.* Маскарад

**mass [mxs]** *n.* 1. масса; 2. көпчүлүк

**Massachusetts ["mxsq'tSu:sets]** *geog.* Массачусетс

**massage ['mxsQ:Z]** *n.* массаж; *v.* массаж жаса, укала
**masseur [mx'sq:]** *n.* массаж жасаган киши
**masseuse [mx'sq:z]** *n.* массаж жасаган аял
**massif ['mxsIf]** *n.* массив
**massive ['mxsIv]** *adj.* оор, чоң
**master ['mQ:stq]** *n.* 1. мастер, уста 2. кожоюн *v.* өздөштүр
**masterly ['mQ:stqlI]** *adj.* устачылык менен, чеберчилик менен
**masterpiece ['mQ:stqpi:s]** *n.* шедевр
**mastery ['mQ:st(q)rI]** *n.* өздөштүрүү
**mastication ['mxstIkeIS(q)n]** *n.* чайноо, кепшөө
**mat [mxt]** *v.* бойо
**match I [mxtS]** *v.* түгөйлөштүр
**match II [mxtS]** *n.* 1. матч; 2. күкүрт[S], ширеңке[N]
**matchbox ['mxtSb0ks]** *n.* күкүрттүн кутусу
**matchless ['mxtSlIs]** *adj.* сонун, теңдеши жок
**match maker ['mxtS"meIkq]** *n.* ортомчу
**mate I [meIt]** *v.* куудур
**mate II [meIt]** *n.* жолдош; шерик; өмүрлүк жолдош
**material [mq'tIqrIql]** *n.* материал, чыт; кездеме; *adj.* материалдык
**materialism [mq'tIqrIqlIzm]** *n.* материализм
**materialist [mq"tIqrIq'lIst]** *n.* материалист
**maternal [mq'tq:nl]** *adj.* энелик, апалык
**maternity [mq'tq:nItI]** *n.* энелик
**mathematical** *adj.* математикалык
**mathematics ["mxTI'mxtIks]** *n.* математика
**matrimony ['mxtrIm(q)nI]** *adj.* эрди-катын …, никелик
**matter ['mxtq]** *n.* 1. материя; 2. тема, предмет; 3. маселе 4. иш
**mattress ['mxtrIs]** *n.* матрас, төшөк
**mature [mq'tjuq]** *v.* бой жет *adj.* эр жеткен, бойго жеткен
**maturity [mq'tjuqrItI]** *n.* эр жеткендик, бойго жеткендик, балакат
**mausoleum ["m0:sq'lIqm]** *n.* мавзолей, күмбөз
**maximum ['mxksImqm]** *n.* максимум; *adj.* максималдуу
**may I [meI]** (might) *v.* кыла ал, жасай ал
**May II [meI]** *n.* Бугу айы, Май

**maybe ['meIbi:]** *adv*. мүмкүн, балким
**mayonnaise [meIq'neIz]** *n*. майонез
**mayor [mFq]** *n*. мэр
**me [mi:; mI]** *pro*. мен, мени, мага
**meadow ['medou]** *n*. жайыт, түздүк, шалбаа
**meal [mi:l]** *n*. аш, тамак, оокат
